Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТАРДЫ ЖАНА ОКУТУУ-УСУЛДАМАЛЫК КОМПЛЕКСТТЕРДИ ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУКТУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИНКЛЮЗИЯНЫ ЭСКЕ АЛУУ МЕНЕН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА АДАПТАЦИЯЛОО БОЮНЧА

# НУСКАМА

**Бишкек – 2025**

**Бул Нускама «Секторду өнүктүрүү долбоору: Мектептеги билим берүүнү реформалоо» долбоорунун техникалык колдоо көрсөтүүсү астында иштелип чыкты**

Предметтик стандарттарды  жана окутуу-усулдамалык комплексттерди (ОУК) гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзияны эске алуу менен иштеп чыгуу жана адаптациялоо боюнча Нускама, ПС жана ОУК иштеп чыгуучулар жана эксперт-адапторлор үчүн иштелип чыкты.

Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги

# МАЗМУНУ

МАЗМУНУ……………………………………………………………………………3.
КИРИШҮҮ ........................................................................................................................4
АКТУАЛДУУГУ ЖАНА НЕГИЗДЕМЕ........................................................................... 5-6
НУСКАМАНЫН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ..................................................................... 7
Эл аралык укуктук алкактар ........................................................................................ 8-9
Улуттук укуктук алкактар..........................................................................................10-14
ЖЫЙЫНТЫККА БАГЫТТАЛГАН БИЛИМ БЕРҮҮ...................................................15-17
ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУККА ЖАНА ИНКЛЮЗИЯЛУУЛУККА БАЙЛАНЫШТУУ НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР ....................................................................................................18-21
ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТАРДА ЖАНА ОКУТУУ-УСУЛДАМАЛЫК КОМПЛЕКСТЕРДЕ ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУКТУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИНКЛЮЗИЯНЫ ЭСКЕАЛУУНУН КРИТЕРИЙЛЕРИ ...................................................................................................22-23
ТЕКСТТИН МАЗМУНУНДА САКТОО ҮЧҮН НДИКАТОРЛОР...................................24-30
СҮРӨТТҮК КОШТООДО САКТОО ҮЧҮН ИНДИКАТОРЛОР ....................................31-35
ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТАРДА ЖАНА ОКУТУУ-УСУЛДАМАЛЫК КОМПЛЕКСТТЕРДЕ БАСМЫРЛООГО ЖОЛ БЕРБӨӨ ҮЧҮН ЭРЕЖЕЛЕР............................................ 36-39
*№1 ТИРКЕМЕ: Майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенишүүнүн өзгөчөлүктөрү*
.......................................................................................................................... 40-42

# КИРИШҮҮ

Предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзияны эске алуу менен иштеп чыгуу жана адаптациялоо боюнча бул Нускама (мындан ары - Нускама), STEM- багытындагы сабактар боюнча предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдук комплексттерди (ОУК) гендердик тең укуктуулук жана социалдык инклюзия принциптерине ылайык иштеп чыгууга жана адаптациялоого карата тутумдуу мамилени камсыз кылууга багытталган. Нускама ошондой эле, предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдук комплексттерди билим берүүчү жыйынтыктарды жана тематикалык багыттарды гендердик тең укуктуулук жана социалдык инклюзия чөйрөсүндө сунуш кылынган компетенттүүлүктөргө баа берүү аркылуу даярдоо боюнча сунуштамаларды камтыйт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан окутуу-усулдамалык комплекстерге басмырлоого каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүү институтционалдаштырылгандан кийин акыркы үч жыл боюу бул экспертизаны жүргүзүүнүн жыйынтыгы, Кыргызстандын балдары окуп жаткан окуу китептеринин мазмундары гендердик ролдорду бир гана салттык бөлүштүрүүнү көрсөткөн гана гендердик стереотиптерге толтурулган экендигин көрсөттү (аялдар – үй кожойкелери, апалар жана чоң апалар болсо артыкчылыктуу түрдө үй жумуштары жана балдарды тарбиялоо менен алектенишет, эркектерге салыштырмалуу аялдардын кесипкөйлүк ролдору тар чөйрөлөр менен чектелип берилген, эркек каармандарды жана алардын катышуусу менен тапшырмалар/көнүгүүлөр көп колдонулган, так илимдер – бул аялдардын чөйрөсү эмес деген билдирүү камтылган, аялдардын тарыхый жана социалдык-экономикалык өнүгүүгө ж.б. салымы жөнүндө сүрөттөр жок). Окуу китептеринин мына ушундай мазмуну майыптыгы бар адамдарды окуучу кыздар жана окуучу балдар үчүн коомдун «көрүнбөгөн» бөлүгү катары калтырат.[1]

Окуу материалдарында социалдык көп түрдүүлүктү, ар түрдүү адамдардын коомдун өнүгүүсүнө кошкон салымдарын көрсөткөн сүрөт түрүндөгү материалдар дагы, ошондой эле тиешелүү түрдөгү мындай контент дагы жокко эсе болду. Окуу куралдарынын авторлору балдарды адам укуктары жана инклюзия, толеранттуулук, урматтоо, сыйлоо, гендердик тең укуктуулук, зомбулуксуздук маданияты баалуулуктары менен тааныштырышкан эмес, алар атайылап же байкабастан бул темаларды аттап өтүшкөн. Дал мына ушул боштуктарды азыркы жаңы предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди иштеп чыгуунун алкагында толтурууга ра бирибиздин алдыбызда мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жатат. Ошондуктан **Нускама, билим берүүдөгү гендердик компетенттүү жана инклюзиялуулук менен билим берүүнүн эл аралык жана улуттук, теориялык негиздерин, ошондой эле предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди иштеп чыгуу процессине гендердик компетенттүүлүк жана инклюзиялуулук принциптерин киргизүү, сактоо боюнча практикалык сунуштамаларды камтыйт. Анда гендердик-социалдык тоскоолдуктарды четтетүүгө, бардык окуучу кыздар жана балдар үчүн алардын жынысынан, социалдык тиешелүүлүгүнөн же билим алууга карата башка муктаждыктарынан, башка мүнөздөмөлөрүнөн көз карандысыз түрдө бирдей окуу шарттарын түзүүгө байланыштуу негизги аспекттер камтылган.**[2]

---

[1] КРдагы Гендердик жана инклюзивдик өнүгүү. Социалдык технологиялар агенттигинин изилдөөсү. Кыргызстан 2023.

[2] КРдагы Гендердик жана инклюзивдик өнүгүү. Социалдык технологиялар агенттигинин изилдөөсү. Кыргызстан 2023.

# АКТУАЛДУУЛУГУ ЖАНА НЕГИЗДЕМЕ

Заманбап билим берүү тутуму бардык окуучулар үчүн алардын жынысынан, социалдык келип чыгуусунан, этникалык тиешелүүлүгүнөн же дене бойлук өзгөчөлүгүнөн көз карандысыз түрдө бирдей билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуусу керек. Гендердик тең укуктуулук жана социалдык инклюзия принциптерин билим берүү стандарттарына жана окутуу-усулдамалык комплексттерге (ОУК) интерграциялоо басмырлоодон жана стереотиптерден эркин чөйрөнү түзүүгө жол ачат.

Бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген, тактап айтканда Конституциянын 24-беренсинин 1-бөлүгүндө белгиленген: *«Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес»*.[3] Мыйзамдар ошондой эле бирдей мүмкүнчүлүктөрдү эл аралык милдеттенмелердин негизинде ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн чараларды караштырат.

**Гендердик стереотиптер жана социалдык жактан четтетүү коомдун айрым бир мүчөлөрү үчүн кесиптик жактан өнүгүүнүн жана эмгек рыногунун жеткиликтүү болуусун чектейт.** Мисалы, аял-бүтүрүүчүлөрдүн үлүшү болгону 31,3 % түзгөн[4] STEM чөйрөсүндө (илим, технология, инженерия, математика) кыздардын кесип тандоодогу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн гендердик тоскоолдуктарды жана стереотиптерди четтетүүнү билим берүүдө ишке ашыруу күндүн өтө зарыл талабы болуп эсептелет.

КР Улуттук статистикалык комитетинин 2022-жылдын сентябрына карата көрсөткүчтөрүнө ылайык, окуучулардын (1-11-класстар) ичинен 8,3% майыптыгы бар балдар түзөт. Бул окуу процессинде алардын муктаждыгын эске алуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт. 475 орто мектептеринде ден соолугуна байланыштуу майыптыгы бар 6 миңден ашык балдар окушат, **бул инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн зарылдыгын тастыктап турат.**

КР Билим берүү жана илим министри ден соолугунда жеңил майыптыгы бар балдар үчүн түзөтүү класстары ачылгандыгын, аларда 400 чукул балдар билим алып жатышкандыгын белгиледи.[5] Бирок инклюзиялуулукту жайылтуу үчүн көп аракеттер талап кылынат. Үй шартында 2 848 бала билим алып жатышат, бул алыскы аймактар үчүн дагы ийкемдүү стандарттарды иштеп чыгууну талап кылат.

КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 15-октябрындагы «Балдарды үйүндө жеке окутууну уюштуруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» №477 Токтому өнүгүүсү өзгөчө балдардын жашаган дареги боюнча билим алуусун шарттайт. Бирок ата-энелер мындай окутуу формалдуу мүнөзгө ээ, себеби мугалимдер мындай балдар менен иштөөгө даяр эмес деп белгилеп келишет. **Бул билим берүү стандарттарын жана окутуу-усулдамалык комплексттерди гендердик тең укуктуулук компетенттүүлүк жана социалдык инклюзиялуулук принциптерин эске алып иштеп чыгууну, мугалимдердин бул жааттагы квалификацияларын жогорулатууну талап кылат.**

Эстен чыгарбоо маанилүү, майыптыгы бар балдар – бул өлкөнүн өнүгүүсүнө салымдарын кошо турган келечектеги жарандар. Алардын сапаттуу билим алуусунан алардын келечеги экономикалык абалдары, жумуш менен камсыз болуусу, зомбулуктан эркин жашоодо жашоосу көз каранды. Ошондуктан, окутуу материалдары гендердик жана социалдык ролдор жөнүндө эскирген көз караштарды четтетүү жаатында кылдат иштелип чыгуусу керек. Бул балдар үчүн, анын ичинде майыптыгы бар балдар үчүн билим алуунун

---

[3] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 5-май, 2021-жыл. 24-berенениn 1-пункту. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган.

[4] https://media.kg/news/v-kyrgyzstane-lish-tret-zhenshhin-vladeyut-kompyuternoj-gramotnostyu/

[5] Какие условия создаются для обучения детей с ОВЗ в школах и вузах? Интервью с министром Уланбеком Мамбетакуновым — Билим АКИpress

жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга, толеранттуу, басмырлоосуз чөйрөдө өсүүсүнө, келечекте мына ушундай коомду түзүүсүнө жол ачат.

Гендердик жактан сезимтал жана инклюзивдүү билим берүү заманбап эмгек рыногуна ыңгайлашууга жөндөмдүү адистерди даярдоого жол ачат. Бул аспектилерди предметтик стандарттарга жана окутуу-усулдамалык комплексттерге киргизүү билим берүүнү көбүрөөк ийкемдүү жана жеткиликтүү, натыйжалуу кылат.

Демек, гендердик тең укуктуулук жана социалдык инклюзия принциптерин билим берүү процессине киргизүү – коомдун туруктуу өнүгүүсү жана анын социалдык-экономикалык потенциалын жогорулатуу үчүн стратегиялык жактан маанилүү кадам болуп эсептелет.

Предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди гендердик тең укуктуулук компетенттүүлүк жана социалдык инклюзиялуулук принциптерин эске алып иштеп чыгуу түзүүчүлөрдөн авторлордон, эксперттерден бул жааттагы билимдин, компетенттүүлүктүн болуусун талап кылат, муну үчүн Нускамага укуктук негиз берген «***Эл аралык жана улуттук укуктук алкактар»; Жыйынтыкка багытталган билим берүү; Гендердик тең укуктуулукка жана инклюзиялуулукка байланыштуу негизги түшүнүктөр***» темалары жардамга келишет. Ал эми, мына ушул бөлүмдөрдөгү билимдерге таянуу менен, предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди түзүүчүлөр авторлор, эксперттер жазуу даярдоо ишинин жүрүшүндө ***«Гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзияны эске алуунун критерийлерин; Тексттин мазмунунда сактоо үчүн индикаторлорду; Сүрөттүк коштоодо сактоо үчүн индикаторлорду; басмырлоого жол бербөө үчүн эрежелер»*** тематикалык бөлүктөрүн кылдат жетекчиликке алуулары талап кылынат.

# НУСКАМАНЫН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## Эл аралык укуктук алкактар

Кыргызстан бир катар эл аралык документтердин жана келишимдердин мүчөсү болуп эсептелет жана адам укуктарынын стандарттарын сактоого берилгендигин билдирүү менен демократиялуу, укуктук, светтик жана социалдык мамлекетти куруудга багыт алды. Алсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, *«Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат».*[6]

Тактап айтканда, **Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты 1966-ж.** жана **Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакты 1966-ж.**[7] катышуучу-мамлекеттерди милдеттендирет:

- Басмырлоого каршы бирдей жана натыйжалуу коргоону жана расасына, терисинин өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ишенимдерине, улуттук же социалдык келип чыгуусуна, мүлктүк абалына, туулгандыгы же башка жагдайларына карап эч кандай басмырлоого жол бербестен укуктарды ишке ашырууну кепилдикке алууга.

Дагы бир эл аралык деңгээлдеги маанилүү документ **БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция**[8] болуп эсептелет.

Кыргызстан Конвенцияга кошулуу менен өзүнө гендердик басмырлоого жана зомбулукка бөгөт коюу үчүн бардык зарыл чараларды көрүү милдетин алган. Тактап айтканда, катышуучу-мамлекеттер билим берүү чөйрөсүндө аялдарга жана кыздарга эркектер менен бирдей, тең укуктуу шарттарды түзүү аркылуу аларга карата басмырлоону четтетүү үчүн зарыл шарттарды кабыл алуулары керек.[9] Бул билим берүүнүн бардык адамдар үчүн бардык деңгээлде жана анын бардык формаларында бирдей, тең укуктуу жеткиликтүү болуусу үчүн шарттарды түзүү, чогуу билим алууну жайылтууну, ошондой эле гендердик тең укуктуулукка жетишүүгө жол ачкан жаңы ыкмаларды киргизүүнү камтыйт. Өзгөчө бул принциптерди STEM-багытындагы предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди (ОУК) иштеп чыгууда гендердик басмырлоону четтетүү менен жана социалдык инклюзияны камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбоо жана эске алуу абдан маанилүү.

Конвенция бардык аялдарга карата жайылтылат, бирок анын кыздар жана майыптыгы бар аялдар бөлүгүндөгү айрым ченемдери өз өзгөчөлүктөрүнө ээ, тактап айтканда:

• социалдык камсыздандырууга, анын ичинде пенсияга кеткен учурда, жумушсуз калганда, ооруп жатканда, майыптыгы бар болсо, улганган куракта жана эмгекке жарамдуулугун жоготкон башка учурларда социалдык камсыздандырууга укуктуу, ошондой эле акча төлөнүүчү өргүүгө чыгууга укуктуу.

**БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө конвенциясы Кыргызстандын төртүнчү баяндамасы боюнча өзүнүн Жыйынтыктоочу эскертүүлөрүндө**[10] Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялоо жөнүндө суроону караштырууну сунуштаган. Бул сунуштама 2019-жылы

---

[6] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 6-берененин 3-пункту. 2021-жыл, 5 май. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган

[7] КР эки Пактыга тең ЖК токтому менен кошулган. 12-январь,1994-ж., № 1406-XII.

[8] Кыргыз Республикасы Конвенцияга КР Жогорку Кеңешинин токтомдору менен кошулган, КР Жогорку Кеңешинин МЧЖ тарабынан 2- январь,1996-ж., М № 320-1 токтому жана КР Жогорку кеңешинин ЭӨЖ 6-март, 1996-ж. Ө № 257-1 токтому.

[9] 10-берене. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы, 18-декабрь, 1979-жыл.

[10] Комитет тарабынан анын алтымышынчы сессиясында кабыл алынган (16-февраль – 6-март, 2015-ж.).

аткарылган, муну Комитет **Кыргызстандын бешинчи баяндамасы боюнча Жыйынтыктоочу эскертүүлөрүндө**[11] канааттануу менен белгилеген.

Мына ошентип, 2019-жылдын 13-мартында Кыргыз Республикасынын №34 Мыйзамы тарабынан, БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган **БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы** ратификацияланган.

БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча Комитетинен сырткары, Кыргызстанга сунушталган **Универсалдуу мезгилдүү обзор боюнча Жумушчу топтун баяндамада**[12] майыптыгы бар адамдарга ар тараптуу кам көрүү боюнча улуттук чараларды өнүктүрүүнү улантуу боюнча сунуштамалар камтылган. Тактап айтканда, өлкөнүн спецификасын эске алуу менен жана майыптыгы бар адамдардын өздөрү менен, ошондой эле башка кызыкдар адамдар менен консультацияларды жүргүзүү аркылуу Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциянын жоболорун улуттук мыйзамдарга жана саясатка толук кандуу киргизүүгө умтулуу сунушталган.

**Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенцияда** майыптыгы бар кыздар жана аялдар басмырлоонун кайчылаш түрүнө кабылып жатышкандыктары, ошондой эле алардын зомбулукка, эксплуатациялоого, ырайымсыз мамилелерге, этибарсыз мамилелерге жана кыянаттык менен пайдалануунун башка түрлөрүнө кабылуу тобокелчиликтери жогору болуп жаткандыгы белгиленет. Майыптыгы бар болуудан улам басмырлоо алардын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп эле тим болбостон, ошондой эле алардын ар бир адамзатына тиешелүү ар намысын жана адамдык кадыр-баркын басынтат.

Конвенциянын бардык жоболору майыптыгы бар адамдарга карата жынысынан жана жаш курагынан көз карандысыз түрдө жайылтылат, ошол эле учурда документте бир гана аялдарга тиешелүү өзүнчө жоболор бар. Конвенция майыптыгы бар аялдар бардык укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук кандуу жана бирдей ишке ашыруусу үчүн, аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жайылтуу, абалдарын жакшыртуу, алардын өнүгүүсү үчүн мыйзам чегиндеги бардык тиешелүү чараларды жана стратегияларды кабыл алууну милдеттендирет.

> Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциянын орус тилиндеги расмий аталышы кийинкидей «Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция», бирок англис тилинен мындай котормо (Convention on the Rights of Persons with Disabilities) эчак эле туура эмес деп таанылган.

Ал эми майыптыгы бар кыздар жаатында айта турган болсок, Конвенция алардын макамына тиешелүү атайын беренелерди камтыбайт, бирок аларга карата балдарга тиешелүү жоболордун (7-берене) таасири жайылтылат. Тактап айтканда, катышуучу-мамлекеттерден талап кылынат:

- Майыптыгы бар балдардын бардык адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин башка балдар менен бирдей, тең укуктуулукта толук кандуу ишке ашыруусун камсыз кылуу үчүн бардык чараларды көрүү. Майыптыгы бар балдарга карата бардык аракеттерде баланын эң мыкты кызыкчылыктарына эң биринчи кезекте көңүл бурулат.
- Майыптыгы бар балдардын аларга тиешелүү бардык суроолор боюнча өз көз караштарын эркин билдирүү укугуна ээ болууларын камсыз кылуу, алардын пикирлери алардын жаш курактарына жана бойго жеткендигине жараша тиешелүү түрдө салмактуулукка ээ болуусун, башка балдар менен тең укуктуу түрдө майыптуулугуна жана жаш курагына шайкеш келген жардам алуусун, бул укугун ишке ашыруусун камсыз кылуу.

[11] Комитет тарабынан анын сексенинчи сессиясында кабыл алынган (1- октябрь – 12-ноябрь, 2021-ж.).

[12] 4 Кыргызстандын баяндамасы Адам укуктары боюнча Кеңештин 44-сессиясында каралган (15-июнь – 3 июль 2020-ж.).

**Конвенцияда майыптыгы бар болуу мындайча белгиленген** — бул эволюциялык түшүнүк. Ал майыптыгы бар адамдардын жана аларга карата мамилелердин, айлана чөйрөсүндөгү тоскоолдуктардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжасы болуп эсептелет жана мунун баары алардын коомдун жашоосуна башкалар менен тең укуктуулукта толук кандуу жана натыйжалуу катышуусу үчүн тоскоолдуктарды жаратат.

Глобалдык деңгээлдеги стратегиялык документ болуп эсептелген **Пекин Аракеттер платформасына ылайык,**[13] билим алуу адам укуктарынын бири болуп эсептелет жана тең укуктуулук, өнүгүү жана тынчтык сыяктуу максаттарга жетүүнүн маанилүү каражаттарынын бири болуп эсептелет. Басмырлоосуз билим берүү кыздарга дагы жана балдарга дагы пайда алып келет жана бул аркылуу эркектердин жана аялдардын ортосундагы кыйла тең укуктуу мамилелердин калыптанышына алып келет. Аялдарга жана эркектерге, кыздарга жана балдарга бирдей мамиле кылууну камсыз кылган жагымдуу билим берүүчү чөйрөнү жана социалдык шарттарды түзүү, ошондой эле алардын эркин ой жүгүртүүлөрүн, абийирин, туткан динин жан ишенимин урматтоо астында өз потенциалдарын толук кандуу ишке ашыруусуна колдоо көрсөтүү гендердик ролдор жөнүндө стереотиптик көз караштарды четтетүүгө жол ачат. Мындай ыкма майыптыгы бар балдарга, кыздарга, аялдарга карата басмырлоонун себептерин жоюу жана гендердик тең укуктуулукка жетишүү үчүн натыйжалуу курал болуп эсептелет.

Документте окуу программаларда жана материалдарда майыптыгы бар адамдардын, аялдардын жана кыздардын конкреттүү муктаждыктары сейрек эске алынгандыгы белгиленген. Бул аялдардын жана эркектердин салттык функцияларынын бекемделишине алып келет жана аялдардын коомдо толук укуктуу жана тең укуктуу өнөктөштөр болуу мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарат. Билим берүү тармагынын бардык деңгээлдеги кызматкерлеринин гендердик суроолорду түшүнбөөсү аялдардын жана эркектердин ортосундагы учурда өкүм сүрүп келе жаткан тең укуксуздукту тереңдетет, басмырлоочу тенденцияларды күчөтөт жана кыздардын өз кадырын билүү, өзүн өзүү баалоо сезимдерин басынтууга алып келет. **Пекин декларациясы** ошондой эле, аялдар жана кыздар толук кандуу тең укуктуулукка жетишүү жана өз абалдарын жакшыртуу жолунда кабылып жатышкан, буга тоскоолдуктарды пайда кылып жаткан факторлордун бири майыптыгы бар болуу деп эсептейт. Ушуга байланыштуу бир катар талаптар сунуш кылынат – билим берүүнүн жана кесиптик-техникалык билим алуунун жеткиликтүү болуусу, майыптыгы бар аялдардын муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн деңгээлин эске алган эмгектенүү шарттарын түзүү, бул жаатта майыптыгы бар болуусунун себебинен улам жумуштан негизсиз бошотуп салуудан укуктук коргоо кепилдиги берилиши керек, ошондой эле жетектөөчү көндүмдөрүн өстүрүү жана өз күчүнө ишенүүнү бекемдөө боюнча окутууну уюштуруу, социалдык камсыздандыруу укугун камсыз кылуу ж.б.

Бул документте[14] билим берүү чөйрөсү үчүн сунушталган башка чаралар менен катар эле, кийинкилер бөлүп көрсөтүлөт: **билим берүүнүн бардык деңгээлинде, анын ичинде мугалимдерди кесиптик даярдоодо, бардык кызыкдар тараптардын – басып чыгаруучулардын, мугалимдердин, мамлекеттик органдардын жана ата-энелердин ассоциацияларынын катышуусунда** гендердик ролдор жөнүндө стереотиптик көз караштардан эркин окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгуу; аялдар менен эркектердин үй-бүлөдөгү ролдору, салымдары жана абалдары жөнүндө маалыматтуулуктарын жогорулатууга багытталган окутуу программаларын жана материалдарын түзүү; ошондой эле тең укуктуулукту, кызматташтыкты, бири-бирин сыйлоону жана ар башка милдеттерди биргелешип аткарууну жайылтуу.

Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү он жети Максатты[15] (ТӨМ 4) аныктаган **2030-жылга чейинки туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартиби,** бардык балдар 2030-жылга карата

[13] Бүткүл дүйнөлүк Аялдардын абалы боюнча төртүнчү конференцияда кабыл алынган. 4-15-сентябрь,1995-ж.
[14] Пекин аракеттер платформасында.
[15] БУУнун Саммитинде кабыл алынган. 25-сентябрь, 2015-ж.

акысыз баштапкы жана орто билим алуусун кепилдикке алат. Бул максат ошондой эле сапаттуу жогорку билимдин жалпыга жеткиликтүүлүгүнө жетишүү максатында, гендердик жана социалдык тең укуксуздук сыяктуу көйгөйлөрдү четке кагуу менен кесиптик билим берүүнүн бирдей жеткиликтүү болуусун камсыз кылууга багытталган. Бардыгы үчүн билим берүүнү камсыз кылуу үчүн күрөшүү каржы ресурстарын мобилизациялоону, ошондой эле басмырлоо, балдар эмгеги жана балдарды сатуу менен күрөшүүнү бекемдөөнү талап кылат. Жана бул бизге ТӨМ 4 глобалдык деңгээлде маанилүү түрдө гендерлештирилген деген корутунду чыгарууга жол берет, алсак:

**4.1.** 2030-жылга карата бардык кыздар жана балдар билим алуунун талапка ылайык жана натыйжалуу натыйжаларына жетишүүгө жол ача турган акысыз, тең укуктуу жана сапаттуу баштапкы жана орто билим алуусун камсыз кылууну аягына чыгаруу.

**4.2.** 2030-жылга карата билим берүү чөйрөсүндө гендердик тең укуктуулукту жоюу жана билим берүүнүн бирдей жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу жана калктын аярлуу катмарын, анын ичинде майыптыгы бар адамдарды, аярлуу абалдагы балдарды жана түпкү элдерди кесиптик-техникалык даярдоонун бардык деңгээли менен камсыз кылуу.

**4.3.** Гендердик аспекттерди жана майыптыгы бар балдардын, адамдардын өзгөчө муктаждыктарын эске алган окуу жайларын түзүү жана жакшыртуу жана баардыгы үчүн коопсуз, зомбулуктан жана социалдык тоскоолдуктардан эркин жана натыйжалуу билим алуу чөйрөсүн камсыз кылуу.

**4.4.** 2030-жылга карата бардык жаш адамдар жана калктын чоң адамдардан турган эркектердин дагы, аялдардын дагы маанилүү бөлүгү окуганды, жазганды жана эсептегенди билүүсүн камсыз кылуу.

**4.5.** 2030-жылга карата квалификациялуу мугалимдердин санын маанилүү деңгээлде көбөйтүү, анын ичинде азыраак өнүккөн өлкөлөрдөгү жана кичи аралдадагы өнүгүп келе жаткан мамлекеттердеги мугалимдерди өнүккөн өлкөлөрдө мугалимдерди даярдоо боюнча эл аралык кызматташтык аркылуу мугалимдердин санын көбөйтүү.

## Улуттук укуктук алкактар

Кыргыз Республикасынын 2021-жылы кабыл алынган Конституциясы Кыргыз Республикасынын гендердик тең укуктуулук чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарын иштеп чыгуу үчүн негиз болуу менен бирге, аялдар жана эркектер үчүн укуктардын, эркиндиктердин жана мүмкүнчүлүктөрдүн жана аларды ишке ашыруунун бирдей болуусун белгилейт. Анда караштырылган:

- эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ (24-бер., 3-б.)[16];
- басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырган улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө тыюу салынат (32-бер., 4-б.); [17]
- Ар бир адам билим алууга укуктуу. Негизги жалпы билим алуу милдеттүү. Ар бир адам мамлекеттик билим берүү уюмдарында мектепке чейинки, жалпы негизги, орто жалпы жана баштапкы кесиптик билимди акысыз алууга укуктуу (46-бер. 1,2, 3-б.).

Жогоруда белгиленгендей, Кыргызстан өзүнө туруктуу өнүгүү Максаттарына (ТӨМ) жетишүү боюнча милдеттерди алган, анын ичинде ар тараптуу жана адилеттүү билим берүүнү, ошондой эле баардыгы үчүн өмүр боюу билим алууну камсыз кылуу милдеттерин алган. Бул максаттардын алкагында прогресске баа берүүгө, анын ичинде майыптыгы бар адамдардын муктаждыктарын эске алуу менен баа берүүгө жол ачкан милдеттер жана көрсөткүчтөр караштырылган.

[16] КР Конститциясынын 24-беренесинин 3-бөлүгү. 5-май, 2021-жыл.
[17] КР Конститциясынын 32-беренесинин 4-бөлүгү. 5-май, 2021-жыл.

Мындан сырткары, гендердик тең укуктуулукка жетишүү жалгыз эле ТӨМ 5 каралган эмес, ошондой эле туруктуу өнүгүүнүн башка багыттарын ишке ашыруунун негизги фактору болуу менен бирге анын көптөгөн башка багыттарында дагы камтылган.

Ар бир адам үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу улуттук коопсуздуктун суроолору менен түздөн түз байланыштуу, ал эми жеке деңгээлде болсо ал ийгиликтүү жана толук кандуу жашоонун фундаменти болуп эсептелет.

КР Конституциясынан кийин эле, КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы ар башка жыныстагы адамдарга карата ишмердиктин кандай гана чөйрөсүндө болбосун тикелей жана кыйыр гендердик басмырлоого тыюу салынат. Муну менен катар эле, кыйыр гендердик басмырлоого жалпыга маалымдоо каражаттары, билим берүү, маданият аркылуу гендердик стереотиптерди кайрадан жаратуу дагы кирет.[18]

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси белгилейт: «Кыргыз Республикасында ар бир адам жынысына, расасына, тилине, майыптуулугуна, этностук таандыктыгына, дин тутуусуна, жашына, саясий же башка ынанымдарына, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан билим алууга укуктуу».[19] Ошондой эле ушул эле Мыйзамдын 5-беренесинин 4-пунктунда «инклюзивдик билим берүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана билим алууда басмырлоонун кандай болбосун көрүнүштөрүнө жол бербөө» талаптары караштырылган».[20]

**Предметтик стндарттарды жана окутуу-усулдамалык комплекстерди (ОУК) гендердик тең укуктуулуктун жана социалдык инклюзиянын негизинде иштеп чыгуу талабы КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 5-беренесинин 8-пунктунда караштырылган:** *«окуу китептерин, анын ичинде Брайлдын рельефтик-чекиттик шрифти менен чыгарылуучу окуу китептерин, окуу жана усулдук колдонмолорду (окуу-усулдук комплекстерди жана окуу-дидактикалык материалдарды) басып чыгаруу үчүн шарттарды түзүү».*

Кыргыз Республикасында билим берүү калктын, дүйнөлүк маданияттын гуманисттик баалуулуктарынын жана демократиянын принциптерине негизделет (КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, 8-берене, 3-пункт).

**Билим берүүнү уюштуруунун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:[21]**

- сапаттуу билим алууга ар бир жарандын укугунун бирдейлиги;
- ар бир билим алуучуга коомдун пайдалуу мүчөсү болууга мүмкүндүк берүүчү, демократиялык жана өнүгүшү илимий билимдерге, өз ара түшүнүшүүгө, толеранттуулукка жана коом мүчөлөрүнүн ортосундагы тынчтыкка негизделген светтик коомду өнүктүрүүгө түрткү берүүчү билим берүү системасын түзүү;
- билим берүү уюмдарында окутуунун, өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун светтик мүнөзү.

Инклюзивдүү билим берүү суроосу Мыйзамдын 3-бөлүмүнүн экинчи бөлүгүндө белгиленген, бул **предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди (ОУК) иштеп чыгуучулар жана авторлордун бул талаптарды сактоосу маанилүү экендигин эске салат.** Мыйзамга ылайык, [22] *«Мектепке чейинки, жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын, ошондой эле кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын макеттерин иштеп чыгуу*

[18] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы. 5-берене. 4-август, 2008-жыл, №184.

[19] Кыргыз Республикасы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, 4-берене. 11-август, 2023-жыл, № 179: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3419/edition/1273902/ru

[20] Ошол жерде. 5-берененин 4-пункту.

[21] Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы. 8-берененин 4-бөлүгүнүн 1-пункту. 11-август, 2023-жыл, № 179: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3419/edition/1273902/ru

[22] Ошол жерде.3-бөлүм, 9-берененин 2-пункту.

*процесси билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен инклюзивдик билим берүүнү, экономиканын керектөөлөрүн жана жарандардын билим алуу муктаждыктарын эске алып, ачык, демократиялуу уюштурулат жана Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет».*

Инклюзивдүү билим берүүнүн расмий аныктамасы ушул Мыйзамдын 11-бөлүмүнүн «Инклюзивдүү билим берүү» 36-беренесинде караштырылган. Позитивдүү кадам катары белгилей кетчү нерсе, мына ушул биз карап жаткан жаңы 2023-жылдын 11-августунда №179 кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында бир чоң бөлүм никлюзивдүү билим берүүгө арналган. Мындай жаңы кадам гендердик аспектилерди эске алган инклюзивдүү билим берүүнүн туруктуулугун кепилдикке алат. Демек, *«**Инклюзивдик билим берүү** бардык адамдар үчүн билим алуу муктаждыктарынын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн, ошондой эле турмуштук оор кырдаалдарын эске алуу менен, басмырлоосуз бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган. Инклюзивдик билим берүү принциби билим берүүнүн бардык баскычтарында жана өмүр бою иштейт. Инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруу максатында баланы билим алууга жөндөмсүз деп таанууга, ошондой эле балдарды бөлүүнүн башка ыкмаларын колдонууга тыюу салынган».*[23]

Анда атайын жана жекече муктаждыктар, анын ичинде аң-сезимдүү куралдар эсепке алынган окутуу чөйрөсүн түзүү үчүн тийиштүү чараларды кабыл алуу аркылуу мамлекет билим алууга өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын жана турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын инклюзивдик билим алууга укугун ишке ашырууга кепилдик берет.[24]

Мамлекет инклюзивдик билим берүүнүн, эрте өнүктүрүүнүн принциптерин жана усулдарын, окутуунун жана баарлашуунун альтернативдик усулдарын жана формаларын, анын ичинде жаңдоо тилин жана Брайль арибин киргизүүнү жана өнүктүрүүнү пайдаланган билим берүү уюмдарын жана педагогикалык кызматкерлерди шыктандырат.[25]

Мамлекет турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын билим алуу укугун ишке ашырууга социалдык инклюзия үчүн шарттарды түзүү аркылуу кепилдик берет.[26]

Кыргыз Республикасында майыптыгы бар адамдардын макамын аныктаган негизги ченемдик-укуктук акты 2008-жылдын 3-апрелинде кабыл алынган КР «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы болуп эсептелет, ал майыптыгы бар адамдарга социалдык, саясий укуктарды жана кепилдиктерди берүүсүн, ден соолукка, эмгекти жана эмгек ишмердүүлүгүнө карата кепилдиктерди берүүсүн, алардын маданий-билим берүү жаатында коомго интеграциялануусуна кепилдиктерди берүүсүн, ошондой эле обьекттердин инфраструктураларынын жеткиликтүүлүгү укугуна ээ болуусун караштырат.

**Эскертүү:** *Тилекке каршы, КР «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамында бүгүнкү күнгө чейин «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар» деген эски жана туура эмес түшүнүк жана ага ылайык «ДМЧА» аббревиатура деген колдонулуп жатат. Анын негизинде ушул эле терминди аббревиатураны колдонуп жаткан мыйзам алдындагы актылар кабыл алынган. Ошолдой эле алар статистикалык көрсөткүчтөрдө дагы колдонулууда.*

Мыйзамга ылайык, Майыптыгы бар болуу, – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан, мыйзамда белгиленген тартипте белгиленүүчү, адамда туруктуу дене бойлук, психикалык же акыл-эстик бузулуулардын бар экендигин билдирүүчү социалдык-

[23] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 1-пункту.
[24] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 1-пункту.
[25] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 36-беренесинин 1-пункту.
[26] Ошол жерде. 11-бөлүмдүн 38-беренесинин 2-пункту.

юридикалык макам. Бузулуунун деңгээлине жараша майыптыктын I, II жана III топтору белгиленет. 18 жашка чейинки балдар «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала» категориясына киргизилет.

Аталган Мыйзамга ылайык, Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын башталгыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим алуусу жалпы типтеги окуу жайларында, зарылчылык болгон учурда атайын окуу жайларында ишке ашырылат. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар кирүү экзамендерин башкалар менен бирдей шартта ийгиликтүү берген учурда башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү окуу жайларына өтүүдө артыкчылык укукка ээ болушат. Билим берүү органдары социалдык жактан коргоо органдары менен бирдикте жыл сайын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн башталгыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик окуу жайларынын бюджеттик бөлүмдөрүнө орундарга квота коюу боюнча нормативдерди белгилешет (38-бер.). Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды кесипке даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу окуу жайларында, ишканаларда жана уюмдарда (атайын же жалпы типтеги) социалдык жактан коргоо мекемелери менен бирдикте жекече реабилитациялоо программасына ылайык камсыз кылынат (40-бер.).

КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын[27] 43-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги принциптеринин бири төмөнкүдөй болуп эсептелет:

– билим алуучуга жыныс белгиси, расасы, тили, **майыптыгы,** этностук таандыктыгы, дин тутуусу, жаш курагы, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча **тикелей, жашыруун жана (же) кыйыр басмырлоого, укуктарын чектөөгө же артыкчылык берүүгө жол бербөө.**

**Педагогикалык кызматкер милдеттүү:** [28]

- **инклюзивдик билим берүүнүн** принциптерин сактоого, билим берүүнү дифференциялоого жана жекелештирүүгө;
- билим алып жаткандардын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого, өз ишинде **гендердик зомбулуктун жана басмырлоонун** көрүнүшөн жол бербөөгө, ошондой эле билим алып жаткандардын ортосунда мындай көрүнүштөргө бөгөт коюуга;
- билим алып жаткандарды өз ара түшүнүшүү, тынчтык, элдердин ортосундагы ынтымак рухунда аң-сезимдүү жашоого даярдоого.

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенциясынын ченемдерин жана КР Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу, ошондой эле майыптыгы бар абитуренттер үчүн жогорку окуу жайдын жеткиликтүүлүгүн жайылтуу максатында, КР Билим берүү жана илим министрлиги өлкөнүн ЖОЖдоруна тапшырууда I жана II топтогу майыптыгы бар адамдарды кабыл алуу үчүн медициналык жана фармацевдик адистерден сырткаркы адистиктер боюнча босого баллдарын төмөндөттү: майыптыгы бар адамдарды ЖОЖдорго кабыл алууда гранттык орундарга босого баллдар төмөндөтүлдү:негизги тест боюнча – 100 балл, окуу үчүн акы төлөө келишими боюнча окутуунун бардык формаларына: негизги тест боюнча – 95 балл. Бул ошондой эле инсандын билим алуудагы жеке муктаждыктарына шайкеш келүү жана майыптыгы бар адамдарга билим алуунун бирдей жеткиликтүүлүгү жаатында инклюзияны өстүрүүгө багытталуу максатында ишке ашырылды.[29]

Кодекстерден жана мыйзамдардан сырткары, мамлекеттин гендер жана инклюзия суроолору боюнча позициясын, анын бул чөйрөлөрдөгү негизги багыттарын аныктаган маанилүү документтер булар стратегиялар, концепциялар, саясаттар болуп эсептелет. Алсак,

[27] КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 43-беренесинин 4-бөлүгү. 11-август, 2023-жыл, №179.
[28] КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 44-беренесинин 5-пунктунун 2-6-7-бөлүктөрү. 11-август, 2023-жыл, №179.
[29] КР Билим берүү жана илим министрлигинин пресс кызматынын билдирүүсү. https://www.facebook.com/832290326845865/posts/pfbid02nhdHxLNjXa494FGh3Xm6CdrGFskS1Bazs8snL8Yh4wFg2aKxhbuyhUiKxtNqTbABl/?mibextid=cr9u03

**Кыргыз Республикасынын 2030-жылдарга чейин гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча улуттук стратегиясы,** Кыргызстан 2030-жылга карата аялдар жана эркектер, кыздар жана балдар стереотиптерден жана басмырлоодон эркин билим алууга жана тарбиялануунга негизделген жашоо стратегиясын тандоо үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон мамлекетке айланат деп белгилейт. Бул алардын эмгек рыногунда ийгиликтүү атаандаша алуусуна, өз потенциалдарын ишке ашыруусуна, коомдун жашоосуна тең укуктуу катышуусуна жана гендердик зомбулукту жоюу менен лидерлик позицияларды ээлөөсүнө жол ачат.

Бул стратегиянын максаттары жана ченемдери жаңы предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн пайдалануу аркылуу билим берүү процессинин мазмунунда гендердик стереотиптердин, майыптыгы бар адамдарга карата стереотиптердин болбошуна өтө чоң деңгээлде көңүл буруу аркылуу, билим берүү майыптыгы бар кыздар, эркек балдар үчүн мектептердин, окуу жайлардын имараттарында инфраструктуралык шарттардын түзүлүшү көз карашынан жеткиликтүү болуусунун эске алуу аркылуу ишке ашырылат. Бул майыптыгы бар кыздардын, эркек балдардын  орто мектептерде жана кесиптик билим алууларына, кесипкөйлүк көндүмдөрүн калыптандыруусуна шарттарды түзүүгө алып келет жана албетте андан ары алардын жашоосунун сапатына, экономикалык көз карандысыздыгына оң таасирин тийгизет.

# ЖЫЙЫНТЫККА БАГЫТТАЛГАН БИЛИМ БЕРҮҮ

***Эскертүү:*** *Нускаманын бул бөлүгү КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 16-сентябрындагы №1096 /1 буйругу менен бекитилген Окутуу-усулдамалык комплексттерге басмырлоого каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүүнүн усулдамасына негизделген.*

Азыркы учурда билим берүүдө жыйынтыкка негизделген технологияларга өтүү жүрүп жатат жана стандарттар «компетенттүүлүк ыкмасынын» негизинде иштелип чыгууда. Билимдерди өстүрүү окуучуда жалпы бир бүтүн мүнөздөмөлөрдү өстүрүү менен алмашты, ага таанып билүүчүлүк, баалуулуктар жана жүрүм-турумга тиешелүү аспекттер кирет.

**XXI кылымдагы билим берүү 4 көндүмгө негизделет:**

1. Таанып билүү көндүмү
2. Бар болуу көндүмү
3. Жасай алуу көндүмү
4. Бирге жашоону үйрөнүү көндүмү

Бул баалуулуктар БУУ тарабынан кабыл алынган «2030-жылга карата туруктуу өнүгүү максаттарында» чагылдырылган. Гендердик тең укуктуулук жана социалдык инклюзия аспекттери «Бирге жашоону үйрөнүү көндүмү» компетенциясы менен байланыштуу, ал адам укуктары, гендердик тең укуктуулук жана социалдык инклюзия суроолорун камтыйт. Башкаларды жынысынан, дининен, этникалык келип чыгуусунан же ден соолугунун абалынан көз карандысыз түрдө сыйлоо жана түшүнүү бүгүнкү күндө маанилүү болуп эсептелет.

Бул компетенция бардык деңгээлде калыптануучу башка предметтер аралык компетенцияларды камтыйт. Өзгөчө булар коом таануу жана тарыхый циклдер мүнөзүндөгү сабактар менен байланыштуу, бирок табигый илимдерде, искусстводо жана адабиятта дагы колдонулат.

Гендердик тең укуктуулук жана басмырлабоо боюнча компетенциялар үч деңгээлде калыптанат: таанып-билүүчүлүк, баалуулук-эмоционалдык деңгээл жана практикалык, ошондой эле адамдын келечектеги коомдогу жүрүм-туруму менен өтө күчтүү байланыштуу.

**Таанып-билүүчүлүк деңгээл** жарандык активдүүлүк жана маданияттар аралык байланыштар үчүн практикалык көндүмдөрдү колдонууну камсыз кылуу менен, дүйнөнү ийкемдүү жана сынчыл көз караштар менен кабыл алууга жардам берген категорияларды камтыйт.

**Баалуулук-эмоционалдык деңгээл** тең укуктуулук, ар түрдүүлүктөрдү сыйлоо, өз эмоцияларын башкаруу жана жаңы нерселерге ачык болуу баалуулуктарын кабыл алууга басым жасайт. Кимдир-бирөө басмырланып жаткан кырдаалдарга сезимталдуулукту өстүрүү маанилүү. Муну үчүн окутуудагы интерактивдик усулдар жана билим берүү чөйрөсүндөгү ар түрдүүлүккө колдоо көрсөтүү маанилүү.

**Практикалык деңгээл** ар түрдүү социалдык кырдаалдарда өзүн алып жүрүү, толеранттуулукту өстүрүү, стереотиптерди таануу жана карама-каршылыктарды башкаруу менен байланыштуу. Бул жерде адилетсиздикти байкап гана тим болбостон, ошондой эле туура кийлигишүүнү билүү, карама-каршылыкты күчөтпөстөн жабыр тарткандарды коргоо маанилүү.

Салттык окутууда негизги көңүл класстан тышкаркы иш-чаралар аркылуу окутууга, тарбиялоого жана өнүктүрүүгө бурулуп келген. Бирок, бүгүнкү күндө көптөгөн мектептер так баалуулуктарды бере турган багыттоочтордун жетишсиздигин баштарынан өткөрүп жатышат. Заманбап стандарттар адам укуктары, гендердик тең укуктуулук жана социалдык инклюзия баалуулуктарын илгерилетүү аркылуу бул боштукту толтурушу керек, ал болсо сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү талап кылат.

Муну үчүн ***гендердик тең укуктуулукту, басмырлабоону жана социалдык инклюзияны илгерилетүү үчүн маанилүү базалык компетенттүүлүктөр иштелип чыкты (тематикалык блокторго бириктирилди):***

**Көп түрдүүлүктү калыптандыруудагы социалдык факторлордун баштапкы ролу:**

1. Жыныстык айырмачылыктагы биологиялык жана социалдык факторлордун ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүү жана түшүндүрүү;
2. Этникалык-маданий көп түрдүүлүктөгү социалдык факторлордун башкы жана негизги ролун түшүнүү жана түшүндүрүү;
3. Гендердик ролдор деген эмне экенин билүү жана гендердик ролдордун калыптануусундагы социалдык жана экономикалык факторлордун маанилүүлүгүн бөлүп көрсөтүү;
4. Майыптуулугу бар болуунун медициналык жана социалдык моделдерин айырмалай билүү, жеке жана коомдук өнүгүү үчүн чөйрөнүн маанилүүлүгүн түшүнүү жана түшүндүрүү.

**Көп түрдүүлүктү калыптандыруудагы тарыхтын ролу:**

1. Гендердик ролдордун тарыхый мүнөзүн жана өзгөрмөлүүлүгүн түшүнүү жана түшүндүрүү;
2. Заманбап (азыркы учурдагы) мамлекеттердин, улуттардын жана этникалык-маданий топтордун жашоосунун тарыхый мүнөзүн түшүнүү жана түшүндүрүү;
3. Этникалык жана улуттук азчылыктар түшүнүктөрү жөнүндө көз караштарга ээ болуу.

**Тең укуксуздуктардын өкүм сүрүүсүнүн тарыхый жана социалдык мүнөзү:**

1. Экономикалык, саясий жана социалдык чөйрөлөрдө аялдар менен эркектердин ортосундагы түзүмдүк тең укуксуздуктун калыптануусундагы гендердик ролдордун катышуусун анализдей билүү;
2. Глобалдык, аймактык жана жергиликтүү деңгээлде түзүмдүк тең укуксуздуктун калыптануусундагы тарыхый шарттардын ролун анализдегенди билүү;
3. Аярлуу топтордун калыптануусундагы, анын ичинде айрым топтордун кысымга алынуусундагы социалдык факторлордун табиятын түшүнүү;
4. Басмырлоого карата аярлуу (басмырлоого туш болуусу мүмкүн болгон) социалдык топторду айырмалай, тааный билүү жана анализдей билүү;
5. Майыптыгы бар адамдар үчүн ыңгайлуу, жагымдуу бардык шарттардын жеткиликтүүлүгүнүн бирдей эмес болуусундагы жеткиликтүү болбой жаткан социалдык чөйрөнүн ролун айырмалай жана анализдей билүү.

**Тең укуксуздуктун жана басмырлоонун пайда болуусундагы стереотиптердин жана бейкалыстыктын ролу:**

1. Гендердик стереотиптер жана сексизм деген эмне экенин билүү жана түшүнүү;
2. Сексисттик мүнөздө айтылган сөздөрдү жана жүрүм-турумдун формаларын айырмалай билүү жана анализдей билүү;
3. Этникалык, расалык, диний стереотиптер деген эмне экенин билүү жана түшүнүү;
4. Ар түрдүү этникалык-маданий, социалдык, диний жана башка топтордун дарегине айтылган стереотиптик көз караштагы билдирүүлөрдү айырмалай билүү жана анализдей билүү;
5. Адамдын топтун алдындагы инсан катары/жекече мүнөздөмөлөрүнүн артыкчылыктуулугун таануу, адамдарга жана социалдык көрүнүштөргө карата

адамдын жеке мамилелерин баалай билүү жана сынчыл көз караш менен анализдей билүү.

**<u>Тең укуктуулуктун жана басмырлабоонун баалуулугу:</u>**

1. Басмырлоо жана анын формалары деген эмне экенин билүү, анын ичинде түз жана кыйыр басмырлоо деген эмне, ыдык көрсөтүү деген кандай түшүнүк экенин билүү;
2. Билдирүүлөрдө (сүйлөнгөн сөздөрдө) басмырлоо орун алып жатканын айырмалай билүү (тилдик байланышта, ЖМКдагы жана күнүмдүк жашоодогу кастык тили), жана ошондой эле жүрүм-турумдун формаларында жана мамилелерде басмырлоо орун алып жатканын айырмалай билүү;
3. Жашоонун бардык чөйрөлөрүндө адам укуктары, көп түрдүүлүк, социалдык инклюзия, гендердик тең укуктуулук, диний толеранттуулук жана басмырлабоо ченемдерин жана баалуулуктарын илгерилеткен жүрүм-турумду колдонуу.

## ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУК ЖАНА ИНКЛЮЗИЯ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

Эксперттерди, предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдук комплекстерди иштеп чыгуучуларды зарыл материалдар менен камсыз кылуу үчүн төмөндө адам укуктарынын, гендердик тең укуктуулуктун, социалдык инклюзиянын жана басмырлоонун мазмундарын ачып берүүчү маанилүү түшүнүктөр келтирилди.

**Гендер** – ар башка жыныстагы адамдардын ээ болгон, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму; саясатты, экономиканы, укукту, идеологияны, маданиятты, билим берүүнү жана илимди кошкондо, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө көрсөтүлгөн эркектер жана аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык аспектиси.[30]
**Гендердик мүнөздөмөлөр** – бул аялдардын жана эркектердин жүрүм-турумдарына карата күтүүлөр менен байланыштуу мүнөздөмөлөр. Бул мүнөздөмөлөр тарыхый жактан калыптанган, ошол учурдагы саясий жана экономикалык кырдаалдан көз каранды, эмгектин бөлүштүрүлүшү жана салттуу ченемдер менен байланышкан коомдо кабыл алынган социалдык ролдордун натыйжасы болуп эсептелет.
**Жыныстык айымачылык** – адамдын биологиялык мүнөздөмөсү.
**Гендердик теңчилик** – аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрү, ал адамдарга жынысына карабастан жашоо-турмуштун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өз жөндөмдүүлүгүн эркин пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилиши.[31]
**Гендердик тең укуктуулук** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдетүүчү жагдайлардан сырткары ар башка жыныстагы адамдардын мыйзам алдында укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин теңдиги.[32]
**Гендердик стереотиптер** – тиешелүү мезгилде тиешелүү коом үчүн эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу түшүнүктөр.[33]
**Сексизм**[34] – (англ. sexism, лат. sexus — жыныстык айырмачылык, синоним — гендердик басмырлоо) — калыс эмес мамиле, адамды жыныстык белгиси же гендердик иденттүүлүгү боюнча басмырлоо. Коомдо сексизм расмий түрдө бекитилген жоболордо же ал тургай идеологияда дагы стереотиптердин системасы катары орун алышы мүмкүн. Сексизмдин негизин бир жыныстын өкүлүнүн экинчисинин үстүнөн артыкчылык, үстөмдүк кылуусу түзөт. Сексизмдин негизги каршылашы феминизм болуп эсептелет.
**Басмырлоо** – бул расасына, терисинин өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ишенимдерине, улуттук же социалдык келип чыгуусуна, мүлктүк абалына, туулгандыгына же башка жагдайларына, белгилерине негизделген бардык айырмалоолор, жокко чыгаруулар, чектөөлөр же артыкчылык берүүлөр, мунун баары бардык укуктарды жана эркиндиктерди бардык адамдар бирдей башталышта тең укуктуу колдонуусун же ишке ашыруусун жок кылуу же азайтуу, жоюу максатынын жыйынтыгы болушу мүмкүн.[35]

[30] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.
[31] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.
[32] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.
[33] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» **Мыйзамынын** 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.
[34] Шевченко, З. В. (Жыйнак). (2016). Гендердик терминдердин топтому. Черкаси: топтоочу Чабаненко Ю. Відновлено з http://a-z-gender.net/seksizm.html
[35] Адам укуктары чөйрөсүндөгү негизги келишимдер жана алардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча органдары. www.ohchr.org//RU//ProfessionalInterests/Pages/Coreinstruments/aspx

**Аялдарга карата басмырлоо** – бул жыныстык белгиси боюнча бардык айырмалоолор, жокко чыгаруулар, бөлүүлөр же чектөөлөр, бул аялдардын алардын үй-бүлөлүк абалынан көз карандысыз түрдө эркектердин жана аялдардын тең укуктуулугунун негизинде алардын үй-бүлөлүк абалынан көз карандысыз түрдө саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка бардык чөйрөлөрдө адам укуктарынан жана негизги эркиндиктеринен колдонуусун же ишке ашыруусун таанybooго же алсыздандырууга багытталган.[36]

**Кыйыр басмырлоо** орун алат эгерде ченем, критерий, жалпы кабыл алынган ыкма же тажрыйба, адамдарды башка адамдар менен салыштырмалуу түрдө коргоого ээ болуу негизи менен ассоциацияланган макамына же мүнөздөмөлөрүнө тиешелүү өзгөчө жагымсыз абалга калтырган абал, эгерде аны жагымсыз абалга калтырган шарт, критерий же тажрыйба мыйзамдуу максатта акталган болбосо жана бул максатка жетүү үчүн каражаттар ыңгайлуу жана зарыл болбосо.

**Кыйыр гендердик басмырлоого кирет:**

- гендердик стереотиптерди массалык маалымат каражаттары, билим берүү, маданият аркылуу жайылтуу;
- бир жыныстын өкүлүнө карата зыян алып келүүчү терс кесепеттерин тийгизе турган же тийгизген шарттарды, талаптарды киргизүү, бекитүү.

**Түз басмырлоо орун алат, эгерде:**

- бирдей эле кырдаал учурунда башка адамга же башка адамдардын тобуна салыштырмалуу түрдө, бир же бир нече тыюу салынган негиздерге таянып бир адамга же адамдардын топторуна начар мамиле жасоо;
- же болбосо, бир же андан көп тыюу салынган негиздерге таянып, бир адамга же адамдардын тобуна зыян келтирүү.

**Түз гендердик басмырлоого кирет:**

- үй-бүлөлүк абалынан, кош бойлуулугунан, кош бойлуу болуп калуусу мүмкүн экендигинен жана үй-бүлөлүк милдеттери себептеринен улам басмырлоо;
- сексуалдык ыдык көрсөтүү;
- бирдей квалификациядагы эмгек үчүн эмгек акыны ар башка өлчөмдө төлөп берүү.

**Гендердик басмырлоо болуп эсептелбейт:**

- балдардын төрөлүшү жана эмчек эмизүү функцияларына байланыштуу мамилелерди жөнгө салуудагы айырмачылыктарды орнотуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилгенге ылайык, тезинен аскердик кызмат өтөөгө бир гана эркек балдардын чакыртылуусу;
- саясий, экономикалык, эмгектик жана башка социалдык мамилелерде реалдуу гендердик тең укуктуулукка жетишүүгө багытталган атайын чараларды кабыл алуу;
- аялдардын жана эркектердин репродуктивдик ден соолуктарын сактоого байланыштуу эмгектерин сактоонун өзгөчөлүктөрү;
- кесиптик квалификациялоого анык бир жыныстын өкүлүнө гана тиешелүү милдеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө негизделген талаптарды бекитүү;
- позитивдүү аракеттер.[37]

---

[36] 1-берене. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция. 18-декабрь, 1979-жыл.

[37] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

**Майыптыгы бар болууга байланыштуу басмырлоо** – майыптыгы бар болуу себеби боюнча бардык айырмалоо, четке кагуу же чектөө, максаты же жыйынтыгы – саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка бардык чөйрөлөрдө майыптыгы бар адамдын өзүнүн адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин башкалар менен бирдей эле ишке ашыруусун таанибоо, четке кагуу же азайтууга аракет кылуу болуп эсептелет.

Жалгыз гана бейкалыстыкка, стереотиптерге жана басмырлоого каршы күрөшпөстөн, ошондой эле аларды пайда кылган маданиятка дагы каршы күрөшүү зарыл. Басмырлоонун жеңүү үчүн мүмкүн болуучу кадамдар: бардык чөйрөлөрдө «адам укуктарын» таануу, убактылуу атайын чараларды кабыл алуу, толеранттуулук жана диалог атмосферасын түзүү, ар түрдүү топтордун ортосундагы жолугушууларды уюштуруу.

**Майыптыгы бар болуу** – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан, мыйзамда белгиленген тартипте белгиленүүчү, адамда туруктуу дене бойлук, психикалык же акыл-эстик бузулуулардын бар экендигин билдирүүчү социалдык-юридикалык макам.[38]

**Майыптыгы бар болууну түшүнүүнүн медициналык модели -** майыптыгы бар адамдын тубаса же жашоодо келип чыккан, аны «толук кандуу» адамдардан айырмалап турган паталогиясына басым жасаган мамиле. Майыптыгы бар адам медициналык моделде дене бойлук жагынан же акыл-эси боюнча толук кандуу эмес индивид катары каралат.Медициналык моделде майыптыгы бар адамды реабилитациялоо дене бойлук же психикалык ден соолукту медициналык каражаттардын эсебинен калыбына келтирүү жолу менен гана жетишилет. «Дарылоого мүмкүн эмес» деп аталган окуялар адамдын коомдун активдүү мүчөсү болуу мүмкүнчүлүгүн олуттуу түрдө чектеген учурлар аз эмес.

**Майыптыгы бар болуунун социалдык модели** – майыптыгы бар адамга карата анын дене бойлук же психикалык чектөөлөрүнө карабастан коомдун толук кандуу мүчөсү катары мамиле кылуу. Бул жерде басым ак ниеттүү инклюзивдүү чөйрөгө жасалат, индивиддин өзүндө бар бардык потенциалдарын ачуусу үчүн жол берген тоскоолдуктарды жоюуга жасалат.

**Инклюзивдүү ыкма** баары үчүн ак ниеттүү жана жетиштүү боло турган социалдык жана дене бойлук чөйрөнү трансформациялоого арналат**.**[39]

**Билим берүүдөгү инклюзилуулук** – айрым окуучулардын ар түрдүү муктаждыктарына ыңгайлашуу маданиятын, саясатын жана тажрыйбасын трансформациялоо зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүктү ишке ашыруудагы тоскоолдуктарды четтетүү боюнча милдеттенмелер**.**[40]

**Социалдык инклюзия (социалдык кошуу) – с**оциалдык кошулуунун жогорку деңгээли деген тең укуктуулуктун, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн жогорку деңгээли **(өзгөчө сапаттуу билим берүүнүн жана медицинанын),** жеке өсүү жана социалдык илгерилөө үчүн басмырлоонун жоктугу жана мүмкүнчүлүктөрдүн бар болуусу менен мүнөздөлөт.

**Азчылыктар** – социалдык топ, мамлекетте (же белгилүү бир аймакта) калкка карата сандык жактан азчылыкты түзгөн же негизги биологиялык муктаждыктар, социалдык, маданий жана диний муктаждыктарын канааттандырууда татаалдыктарга дуушар болгон топ. Азчылыктар расмий макамга ээ топтогу адамдардын саны менен гана аныкталбайт.

**Көп түрдүүлүк** – коомдо гендердик, этникалык-маданий, жаш курагы, социалдык-экономикалык, диний жана башка белгилери боюнча бири-биринен айырмаланган ар кандай топтордун болушу.

---

[38] КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренеси, 4-август, 2008-жыл, № 184.

[39] https://www.undp.org/content/dam/undp/library/Poverty%20Reduction/Inclusive%20development/Towards%20Human%20Resilience/Towards_SustainingMDGProgress_Ch8.pdf

[40] ЮНИСЕФтин Миссиясынын алкагында Инклюзивдүү билим берүүнү концептуализациялоо жана аны контекстуализациялоо ЮНИСЕФ 2014, https://www.unicef.org/eca/sites/unicef.org.eca/files/Booklet%201%20-%20Russian%20Version.pdf

**Аялдарга карата зомбулук** – бул жыныстык белгилеринин негизинде жасалган бардык зомбулук актыларын түшүндүрөт, ал мейли коомдук же жеке жашоодо болсун аялдарга дене бойлук, жыныстык же психологиялык зыяндарды жана азаптанууларды алып келүүсү мүмкүн, ошондой эле бул актыларды жасоо коркунучу, мажбурлоо же эркиндигинен мажбурлап ажыратуу.

**Патриархат** – социалдык уюшуунун бир түрү, анда көптөгөн тармактарда, айрыкча саясатта, экономикада жана үй-бүлөдө, эркектер басымдуу роль ойнойт. Патриархалдык салттарга жана баалуулуктарга шилтеме кылуу эркектердин бүгүнкү дүйнөдө бийликке жана экономикалык ресурстарга артыкчылыктуу кирүү укугуна ээ экенин билдирет.

**Бейкалыс көз караштар (социалдык)** – бул адам же топ жөнүндө жетиштүү себеп, маалымат же тажрыйба жок эле алдын ала түзүлгөн пикир, көбүнчө жаңылыш же ийкемсиз жалпылаштырууларга негизделет.

**Аярлуу социалдык топтор** – калктын кысымга алууну башынан кечирип жаткан бир тобу же коомдун бөлүгү, башка топтор менен салыштырганда басмырлоого, зомбулукка, табигый жана техногендик катастрофалардын кыйла оор кесепеттерине кабылышы мүмкүн болгон топ. Салттуу түрдө аярлуу топторго балдарды, улгайган адамдарды, азчылыктардын өкүлдөрүн, майыптыгы бар адамдарды, кирешеси төмөн адамдарды киргизишет. Аярлуу топторду аныктоо кыймылдуу жана кырдаалдан көз каранды.

## ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТАРДА ЖАНА ОКУТУУ-УСУЛДАМАЛЫК КОМПЛЕКСТТЕРДЕ ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУКТУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИНКЛЮЗИЯНЫ ЭСКЕ АЛУУНУН КРИТЕРИЙЛЕРИ

Предметтик стандарттар жана окутуу-усулдамалык комплексттерде гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзияны эске алуучу бир нече чөйрөлөр бар - бул:

- билим берүүнүн мазмуну жана билим берүүнүн натыйжалары,
- усулдар жана технологиялар,
- ошондой эле мектептин чөйрөсү жана мектептин ченемдик мейкиндиги

### Билим берүүнүн мазмуну жана билим берүүнүн натыйжалары

Билим берүүнүн мазмуну жана жыйынтыктары билим берүү жана дүйнөнүн туруктуулугу үчүн маанилүү. Алар эки аспектти камтышат:

1. **Түшүнүктүк-концептуалдык** (терминдер, анализдөө категориялары);
2. **Процессуалдык** ( анализдөө жана сынчыл ой жүгүртүү усулдары).

**Мисалы:** Тарых сабагы боюнча окуу китептеринде «согуш», «каама-каршылык», «жеңиш» сыяктуу терминдер көп кездешет, бул окуучуларда көп кырдуу көз карашка негизделген кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүн чектейт, эл аралык мамилелер дайыма эле карама-каршылыктар менен коштолот экен деген көз карашты калыптандыруусу мүмкүн. Буга жол берилбеши керек. Бул тууралуу төмөндөгү «Текстте кандай индикаторлорду сактоо керек» деген бөлүктө дагы эскерттик. Мисалы, окуу материалдарында согуштарды сүрөттөө көп болсо, бул дайыма жеңүүчүлөр жана жеңилүүчүлөр бар деген стереотипти калыптандырышы мүмкүн.

Тарыхый контекстте мындай түшүнүктөрдү колдонуу ошондой эле, сынчыл ой жүгүртүүнү татаалдаштырат. Мисалы, байыркы Римге карата «мамлекет» деген сөздү колдонуу азыкы учурдагы заманбап улуттук мамлекеттер менен окшош электетүүнү калыптандырышы мүмкүн, реалдуулукта болсо алардын түзүлүш принциби таптакыр эки башка.

**Тесттерде гендердик ролдорго өзгөчө көңүл буруу маанилүү,** анткени гендердик ролдор убакыттын өтүшү менен алмашып, өзгөрүп турат. Мисалы, окуу китептеринде саясий, экономикалык жана социалдык кырдаалдардан көз карандылуу түрдө ар кыл тарыхый этаптарда аялдардын ролу өзгөрүп жүрүп отурганын эске алуу керек.

**Мисалы:** тарых китебинде римдик жарандар жөнүндө сөз болуп жатса, анда бул таптакыр башка, азыркы замандан кыйла айырмаланган социалдык түзүм менен байланыштуу экенин түшүндүрүү керек.

Мына ошентип, түшүнүктөрдү алардын тарыхый жактан өзгөрмөлүүлүгүн жана универсалдуулугун эске алуу менен ар тараптан ачып берүү керек. Бул окуучулардын сынчыл кабыл алуусун өстүрөт, алардын ар түрдүү социалдык, маданий жана тарыхый процесстерди анализдей билүүсүнө шарт түзөт.

**Негизги учурлар:**

1. «Гендердик ролдор», «улуттар», «мамлекеттер» деген сыяктуу түшүнүктөр өзгөрбөгөн түшүнүктөр катары көрсөтүлбөшү керек, булар тарыхый контекст аркылуу түшүндүрүлүшү керек. Мисалы, байыркы коомдордо гендердик ролдор азыркы заманбап мезгилдегиге караганда өтө айырмаланчу.

**Мисалы:** Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 4-августундагы № 184 **«Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамына** ылайык, *«гендер - ар башка жыныстагы адамдардын ээ болгон, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму; саясатты, экономиканы, укукту, идеологияны, маданиятты, билим берүүнү жана илимди кошкондо, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө көрсөтүлгөн эркектер жана аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык аспектиси»*. Тактап айтканда, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө көрсөтүлгөн эркектер жана аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык аспектиси деген коом өнүккөн жана өзгөргөн сайын аялдардын жана эркектердин ролу өзгөрүп жүрүп отурат, гендер тарыхый жактан ийкемдүүлүккө ээ дегенди билдирет. Мисалы, мурда жалгыз эркектер гана үй-бүлөнү багат деген түшүнүк кеңири эле. Азыр бул стереотип. Себеби, аял дагы, эркек дагы бирдей билим алып, өзүн өстүрүп, мыкты кесиптин ээси боло алат жана мындай адамдар үй-бүлө курса, экөө тең иштеп үй-бүлөлүк бюджетке каражат алып келе алышат. Ошондой эле, үй-бүлөдө балдарга мээрим төгүү, кам көрүү, тарбия берүү, жоопкерчиликтүү болуу жубайлардын экөөнүн тең милдети болуп эсептелет. Ошондой эле бүгүнкү күндө STEM багытында кыздар дагы, балдар дагы мыкты жетишкендиктерге жетишип жатышат. Гендердин ийкемдүүлүгү деген мына ушул.

2. Бир көрүнүш экинчисинен кыйла баалуу деп саналган иерархиялык ыкмадан качуу керек, мисалы, прогрессивдүү коом «азыраак өнүккөн» коомго карама-каршы коюлбашы керек.

**Мисалы: Математикада** тапшырманын ар түрдүү жол менен чечилиши колдоого алынуусу зарыл. Реалдуу жашоодо дагы бир көйгөйдү ар түрдүү жол менен чечсе болот, муну окутууда эске алуу керек.

**Окутуу материалдары, стандарттары аркылуу илгерилетүү керек болгон баалуулуктар:**

- Көп түрдүүлүк жана басмырлабоо;
- Тең укуктуулук, анын ичинде гендердик тең укуктуулук;
- Адамдын универсалдуу укуктары;
- Башкаларды сыйлоо;
- Жаңы нерсени, мурда билбеген нерсени үйрөнүүгө ачык болуу.

**Практикалык деңгээл:**

Бул билимдерди практикалык жактан колдонуу мугалимдердин жана мектеп чөйрөсүнүн усулдарынан, анын ичинде класстан сырткаркы ишмедүүлүктөн көз каранды. Мисалы, практикалык тапшырмалар социалдык инклюзия суроолоруна, гендердик басмырлоо окуяларын, коомдогу тең укуксуздукту талкуулоого байланыштуу болуусу мүмкүн. **Мисалы:** Тапшырмалар коомдогу гендердик стереотиптерди анализдөө же ар түрдүү өлкөлөрдөгү тең укуктуулук суроолорун талкуулоо сыяктуу социалдык суроолорду чечүүнү камтыса болот

## ТЕКСТТИН МАЗМУНУНДА САКТОО ҮЧҮН ИНДИКАТОРЛОР

| № | Индикатору | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| | **1. Тексттеги гендердин/жыныстык айырмачылыктын репрезентациялары** | |
| 1.1 | Аялдардын /эркектердин аттарын колдонулушу жана кайталанышы (реалдуу жана ойдон чыгарылган) | Окуу китебинде аялдардын жана эркектердин аттарынын саны бирдей катышта болуусу керек - 50% ар бир жыныстын өкүлү үчүн |
| 1.2 | Аялдарга/эркектерге тиешелүү тилдик каражаттарды колдонуу; аялдын/эркектин атынан сүйлөө | Тилдик каражаттар эки жыныстын өкүлү үчүн тең 50% колдонулушу керек (этиштер, бөлүкчөлөр ж.б.). Мисалы, адистин жынысын белгилөө үчүн зат атооч жетишсиз болсо, этишти же адамдын атын колдонуп жазуу керек: «Дарыгер кыз оорулууну кабыл алды», «Офицер Мария» ж.б. |
| 1.3 | Эркек/аял жынысындагы адамдарга кайрылуу | Мисалдар: «Кымбаттуум, урматтуу ж.б.». «Кыздар/балдар» ж.б. |
| 1.4 | Көркөм, адабий тексттердин башкы каармандарынын жынысы (реалдуу жана ойдон чыгарылган) | Көнүгүүлөргө коюлган же окуу үчүн тексттердеги адамдардын аттары бирдей катышта болуусу керек – 50% ар бир жыныстын өкүлү үчүн |
| 1.5. | Текстте жынысы эки башка тарыхый инсандардын сүрөттөлүшү, алар тууралуу сөз кылуу | Тигил же бул жыныстагы тарыхый инсандар, «көз жаздымда калган» окуялар жокпу көңүл буруу маанилүү, мурунку окуу куралдарында бир эле жыныска тиешелүү тарыхый инсанды сүрөттөөгө көбүрөөк көңүл бурулуп калган, негизинен башка жыныстын өкүлүнө тиешелүү реалдуу тарыхый инсандар болгон, бирок алар жөнүндө же таптакыр айтылган эмес же тең салмактуу эмес берилген. |
| | **2. Гендердик мүнөздөмөлөр** | |
| 2.1 | Активдүүлүк \ пассивдүүлүк | Кааармандардын жүрүм-турумдарын жана сезимдерин сыпаттаган тексттер мүнөздүн эркектик (өтмө маанисинде) же аялдык (өтмө маанисинде) белгилери жөнүндө көз караштарга багытталган учурлар аз эмес. Жалпысынан, китептин башынан аягына чейин кыздар ашыкча жумшак жана эмоционалдуу болуп сүрөттөлбөшү керек. **Сунушталуучу тең салмактуулуктар:** психологиялык мүнөздөмөлөрдүн жана жүрүм-турумдук реакциялардын көп түрдүүлүгү адамдын жынысынан эмес, анын инсандыгынан көз каранды экендиги жөнүндө көз караштарды калыптандыруу үчүн ар бир жыныстын өкүлүнүн стереотиптүү эмес жана салттык көз караштагы эмес репрезентациялары 50%тен болушу зарыл. |
| 2.2 | Мүнөздүн жумшактыгы \ катуулугу | |
| 2.3 | Эмоционалдуулук \ өзүн кармай билүү | |
| 2.4 | акыл эстүүлүк \ импульсивдүүлүк | |
| 2.5 | Тыкандык \ шалаакылык | |
| 2.6 | Тил алчаактык \өжөрлүк | |
| 2.7 | Жагымдуулук \ жагымсыздык | |
| | | |
| | | |

| | | |
|---|---|---|
| **3. Үй-бүлөдөгү ролдордун жана милдеттердин бөлүштүрүлүшү** | | |
| 3.1 | Багуучу \бекерчи | Үй-бүлөлүк ролдорду жана милдеттерди сүрөттөнү дагы 50% катыштыкта сүрөттөө сунушталат, калыптанган салттык эмес үй бүлөлүк ролдорду дагы 50% (үй жумуштарына жардам берген эркектер, аялдардын чечим кабыл алуусу, же бири-бирин колдогон, балдарына бирдей мээрим төккөн жубайлар ж.б.) |
| 3.2 | Апа\ ата | |
| 3.3 | Балдарды тарбиялоо | |
| 3.4 | Балдарды багуу | |
| 3.5 | Үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө кам көрүү, багуу | |
| 3.6 | Үй эмгегин аткаруу (тамак даярдоо, үй тазалоо, кир жуу, үтүктөө, оңдоп-түзөө, үй жаныбарларын багуу, отун-суу даярдоо, тамак-аш азык-түлүктөрүн жеткирүү, суу ташуу ж.б., огороддо иштөө, тиричилик техникаларын колдонуу жана оңдоо ж.б.). | |
| 3.7 | Үй-бүлөдөгү макамы (үйдүн башчысы, чечимдерди кабыл алууга катышуу, кадыр-барк, тейлөөчү ролдор ж.б. | |
| **4. Социалдык ролдорду бөлүштүрүү** | | |
| 4.1 | Лидер \ алдыңкы, башчы \ кол алдында иштеген адам | Социалдык түзүмдө кыздарга жана балдарга тандоо жасоонун аз же көп жеткиликтүүлүгүнө ар түрдүү ролдор таңууланып келет – кыздар өздөрүн коргой алышпайт, өздөрүнө лидерлик ролдорду ала алышпайт ж.б.деген. **Ушундай стереотиптер кайталанбоосун так сактоо керек.** Бул балдардын өнүгүүсү үчүн өзгөчө маанилүү, анткени жүрүм-турумдун зомбулук менен байланыштуу деликвенттик жана агрессиялык жүрүм-турумдун формалары «идеалдуу эрдик» образ катары берилген же нормалдашкан учурлар аз эмес. |
| 4.2 | Кылмышкер \ жабырлануучу | |
| 4.3 | Тентек \ «жакшы бала» | |
| | | |
| | | |
| **5. Кесиптер же сабактар** | | |
| 5.1 | Дене бойлук эмгек/күч келүү менен байланыштуу эмес эмгек | Көптөгөн гендердик стереотиптер эмгек рыногундагы жана ар түрдүү кесиптердин жеткиликтүүлүгүнүн дисбалансына алып келүүдө. Окутуу учурунда бул стереотиптер мындайча орун алат: эркек балдардын табилгый илимдерди жана математиканы өздөштүрүүсү колдоого алынат, ал эми кыздар гуманитардык чөйрөлөрдү өздөштүрүүсүнө басым жасашат. Натыйжада, мисалы, кыздарда мейкиндикке багыт алуу жөндөмдөрү начар өнүккөн болот (себеби, бул жаатта такшала билим алышкан эмес), ал эми эркек балдар болсо өз эмоцияларын начар түшүнүшөт жана аларды билдире алышпайт. Кесип тандоодо бул стереотиптер андан ары дагы жолун |
| 5.2 | Техникалык /гуманитардык кесиптер | |
| 5.3 | Интеллектуалдык кесиптер/Искусство менен байланыштуу кесиптер | |
| 5.4 | Спорттун эркектер жана аялдар үчүн салттык түрлөрү | |

| | | |
|---|---|---|
| | | улоодо, бул болсо жакшы төлөнгөн кесиптердин жеткиликтүү эместигине жана эки жыныстын өкүлүнүн кирешелеринин ар башка болуусуна алып келүүдө. **Жаңы предметтик стандарттарда жана окутуу-усулдамалык комплексттерде буга жол берилбеши керек. Кыздарды балдарды бардык илимдерге бирдей жөндөмдүү, өнөктөштөр кылып сүрөттөгүлө.** |
| 5.5. | Бош убакытты өткөрүү \ эс алуу | Эки жыныстын тең өкүлдөрүнүн бош убакытты өткөрүү жана эс алуу мүмкүнчүлүктөрү пайдалуу, бирдей деңгээлде чагылдырылышы керек. |
| **6. Этникалык топтордун репрезентациялары** | | |
| 6.1 | Бир этникалык топ жөнүндө басымдуу түрдө көп сөз болушу же аны эле сүрөттөй берүүгө жол берилбейт/көп түрдүүлүк сүрөттөлөт | Этникалык көпчүлүктүн өкүлдөрүнүн, аттары, ошондой эле салттуу маданияты менен байланышкан символдору жана буюмдарынын эске алынуусу жана сүрөттөлүшү, мисалы кыргыздардын (боз үй, комуз, калпак ж.б.) китептин жалпы мазмунунда тең салмактуу өлчөмдө болуусу керек 70%, буга салыштырмалуу 30% башка этникалык топторду, алардын маданиятын сүрөттөө, анын ичинде башка өлкөлөрдүн жана дүйнөнүн аймактарынын жашоочуларын сүрөттөө орун алуусу зарыл. |
| 6.2 | Этникалык көпчүлүккө/азчылыкка тиешелүүлүгүн аныктаган каармандардын аттарын (реалдуу жана ойдон чыгарылган) колдонуу жана сүрөттөө | Көнүгүүлөргө коюлган же окуу үчүн сунушталган тексттерде каармандардын этникалык жана маданий тиешелүүлүгү боюнча, мисалы кыргыз улутундагы көпчүлүктүн жана башка топтордун 70%/30% катыштыгында болушу керек |
| 6.3 | Тең укуктуулукту сүрөттөп берүү | Эч бир топ өнүгүү стадиясында башкаларга караганда кыйла «алдыңкы» катары сүрөттөлүп берилбеши керек, ошондой эле моралдык жактан кыйла жогорку стандарттарга жана маданий ченемдерге ээ катары сүрөттөлүп берилбөөсү зарыл. Бул этникалык көпчүлүккө дагы тиешелүү, ошондой эле европа мамлекеттери, АКШ, Россия, Япония ж.б. «улуу байкеси» моделине багыттап сүрөттөөлөргө жол берилбейт. |
| 6.4 | Маданий өзгөчөлүктөрдү романтизациялоого жана экзотизациялоого эмес, тең салмактуулукка көңүл бургула | Этникалык азчылыктардын же башка өлкөлөрдүн жана элдердин өкүлдөрүн, ошондой эле ар башка элдердин салттык маданиятын, жашоо-тиричилигин, символдорун, предметтерин (балалайка, тебетей, селде ж.б.) атоо жана сүрөттөө ашыкча болбошу керек. Башка топтордун жана |

| | | |
|---|---|---|
| | | маданияттын өкүлдөрү артыкчылыктуу түрдө окшош иштер тиричиликтер менен алектенүүсү жана окшош көйгөйлөрдү чечип жаткан аракеттер сүрөттөлүшү мүмкүн. |
| **7. Аярлуу топтордун репрезентациясы** | | |
| 7.1 | Майыптыгы бар адамдар | Буга чейин майыптыгы бар же болбосо өзгөчө окутууга муктаж балдарга жана/же чоң адамдарга карата коомдогу стереотиптик жүрүм-турумдарды/кырдаалдарды атоо же сүрөттөө орун алып калган. Бул сүрөттөөлөр майыптыгы бар болуунун медициналык моделин чагылдырат, ага ылайык майыптыгы бар адам ар түрдүү параметрлери боюнча ченемдерге шайкеш келбеген катары сүрөттөлөт (мисалы, ден соолугунун абалы боюнча, бул туура эмес). **Туура болот:** Социалдык модель коомчулуктун жана чөйрөнүн – коомдун бардык мүчөлөрүн камтыган жана ыңгайлуу ролун түшүндүрөт, мындай чөйрөдө майыптыгы бар балдарга/чоң адамдарга жашоодогу активдүү позициясынын болуусуна жардам беришет, колдошот. |
| 7.2 | Жаш курактык иерархиялар | Балдар жана жаш курагы кичинекейлер авторитетке (улуураак балага) баш ийген жана өзүнүн позициясын коргоого мүмкүнчүлүгү жок (эрки жок) катары сүрөттөлгөн учурларга **ЖОЛ БЕРИЛБЕЙт. Балдар бири-бирин колдогон, билимге, өнүгүүгө умтулган, ак ниеттүү достор, теңтуштар, өнөктөштөр катары сүрөттөлүшү керек.** |
| 7.3 | Улгайган адамдар | Улгайган адамдарды сүрөттөөдө жана атоодо улгайган адамдарды салттык түрдө кам көрүүгө муктаж катары сүрөттө дагы, ошондой эле урмат-сыйга, колдоо көрсөтүүгө татыктуу жана жана коомдун иштөөгө жөндөмдүү, өз өлкөсүнүн өнүгүүсүнө салым кошкон жарандар катары сүрөттөлүшү 50% жана 50% катыштыгында болушу зарыл. |
| 7.4 | Балдар | Балдарды камкордукка алынуучу жана баш ийүүчү объект катары сүрөттөө жана атоо 15 % ашык болбошу керек. Балдар кандай гана коомдун болбосун активдүү, жоопкерчиликтүү мүчөлөрү, алардын позициясына урматтаган жана сыйлаган мамиле камсыз кылынган, балдар билим алууга умтулган, коомдогу аныкталган позитивдүү, үлгү болуучу милдеттерди аткарууга жөндөмдүү, колдоого алынган, демилгечил, эмгекчилдикке, жаңыны үйрөнүүгө достукту баалого умтулуусу колдоого алынган жарандар катары |

| | | |
|---|---|---|
| | | сүрөттөлүшү зарыл. |
| **8. Басмырлоо жана тең укуксуздук** | | |
| 8.1 | Расалык, этникалык, социалдык топтордун же ар түрдүү азчылыктардын дарегине карата тиешелүү комментарийлерсиз кастык тилинин же туура эмес атоолордун колдонулушуна жол бербөө (текстте дагы, мисал түрүндө дагы) | Кастык тили бардык терс же кадыр-баркты, ар намысты басмырлаган атоолорду, чакырыктарды камтыйт, ал тургай алар алгач анда болуп сезилбесе дагы «кавказ улутундагы адамдар» деген билдирүү же болбосо кырдаалдын контекстине шайкеш келбесе дагы адамдардын расасына шилтеме келтирип сүйлөө. **Мындай тилдик каражаттарды колдонууга жол берилбейт.** |
| 8.2 | Расалык, этникалык, социалдык топтордун же ар түрдүү азчылыктардын аталыштарын туура эмес колдонуу | **ЭМНЕЛЕРГЕ ЖОЛ БЕРҮҮ ТУУРА ЭМЕС:** айрым этникалык топтордун аталышын туура эмес атоого жол берилбейт жана ал топтордун өкүлдөрү муну колдобойт (Мисалы, АКШда негр деген сөздү эмес «афроамерикалык» деп атоо туура кабыл алынат; Европада цыган эмес «Рома эли» деп жазуу керек, Кыргызстанда орус тилинде дагы «кыргыздар» деп жазуу керек, «киргиздер» эмес ж.б.). Мындан сырткары, тигил же бул аймакта көптөгөн жүз жылдар мурун жашаган калктардын аталышы боюнча заманбап аттарды колдонуу туура эмес деп эсептелет. Мисалы, жөн гана «гректер» эмес, «байыркы гректер» же «Афинанын жашоочулары», «уйгурлар» эмес, « уйгур каганатынын өкүлдөрү» деп жазуу туура болуп эсептелет. |
| 8.3 | Географиялык деңгээлде түзүмдүк тең укуксуздукту атоо же сүрөттөө зарылчылыгы бар болсо (өлкөлөрдүн аймактарынын ортосунда, глобалдык аймактардын ортосунда), эмне кылуу керек? | Эгерде тең укуксуздукту сүрөттөө зарылчылыгы пайда болсо, ал анын пайда болуусуна карата түшүндүрмөлөр менен коштолушу керек – географиялык же тарыхый жагдайлар менен. Мисалы,<br>Мисалы, европалык өлкөлөрдүн жогорку өнүгүшү башка континенттерди көп кылымдык колонизациялоого байланыштуу.<br>Гендердик тең укуксуздук аялдардын көпчүлүгүнүн каалоолорунан жана умтулууларынан көз каранды эмес, ал тарбиялоо, өнүгүү жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү шарттары менен байланыштуу. Мигранттардын үй-бүлөлөрү жергиликтүү жашоочуларга караганда кыйла оор кырдаалда болушат, ал тургай жалаң материалдык көз караштан дагы эмес, жаңы шарттарга адамтацияланууу көз карашынан дагы ж.б. |
| 8.4 | Ички миграция суроолору жөнүндө жазуу же сүрөттөө жана анын түзүмдүк тең укуксуздук көйгөйү менен байланышы | |
| 8.5 | Сырткы миграция суроолору жөнүндө жазуу же сүрөттөө жана анын түзүмдүк тең укуксуздук көйгөйү менен байланышы | |
| 8.6 | Түзүмдүк тең укуксуздук жана институционалдык зомбулук көйгөйү | |

| | | |
|---|---|---|
| 8.7 | Түзүмдүк тең укуксуздук жана гендердик зомбулук көйгөйү | **Көңүл буруу маанилүү, текстте кыздарга, балдарга, майыптыгы бар адамдарга, аялдарга, эркектерге карата басмырлоого, гендердик басмырлоого жол берилбейт.** Мындай басмырлоону нормалдаштырууга, актоого жол берилбейт. Көпчүлүк учурда коом таануу, тарых китептеринде гендердик тең укуксуздукка жана басмырлоого жол берген тексттер колдонулуп келе жатканына көңүл бурулбай келүүдө жана тарыхый баа бериле элек, тескеринче аялдардын абалы кандай болгону жана позитивдүү өзгөрүүлөр кандай факторлордон улам кандайча болгону белгиленбейт келет.<br>Кандай гана окуя болбосун, **гендердик, үй-бүлөлүк зомбулукту актоого; же романтизациялоого; нормалдуу нерседей сүрөттөөгө; жабырлануучуну ого бетер кайрадан басмырлоого (экинчи жолу жабыркатууга) жол берилбейт.**<br>Тарыхый, көркөм чыгармаларды колдонууда алардын мазмунундагы тигил же бул түрдө сүрөттөлгөн гендердик же үй-бүлөлүк зомбулук окуялары бар болуп калса, аларды анализдөө үчүн тиешелүү суроолор менен коштолушу керек, жашоодо мындай зомбулукка жол берилбестиги жөнүндө талкуулоону милдеттүү түрдө киргизүү зарыл. |
| 8.8 | Аргументтерди келтирүү контекстинде диний булактарга орунсуз түрдө шилтеме келтирүүлөргө, тигил же бул диний көз караштардын же атеисттик пропаганданын үстөмдүгүнө жол бербөө | Кээде окуу куралдарында эч зарылылык жок болсо деле диний булактарга шилтеме келтирүүлөр кездешип калат, мисалы диний мүнөздөгү баяндар. Буга жол берилбейт. |
| **9.** | **Согуштар, карама-каршылыктар жана массалык зомбулук** | |
| 9.1 | Ар түрдүү элдердин жана башка социалдык топтордун, этникалык-маданий жана улуттук жамааттардын ортосундагы согуштарды, карама-каршылыктарды, кагылышууларды негизсиз сүрөттөөгө жол бербөө | Тарыхты согуштардын жана карама-каршыылктардын кезектешип болуп турuусу катары сүрөттөө, көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды куралдуу каршылашуу аркылуу чечүүнүн жолу катары нормалдаштырат (эрежеге ылайык, эң биринчи кезекте экономикалык). **МЫНДАЙ МАМИЛЕ, ЫКМА ЖОЮУЛУШУ КЕРЕК. Анткени**, муну менен катар эле тарыхый процесстин жаратмандык тарабы колдон чыгарылып жиберилип жатат, маданий, техникалык жана илимий жетишкендиктер, тиричиликтеги жана жашоо образындагы өзгөрүүлөр, социалдык ролдорундагы өзгөрүүлөр, жаңы кесиптердин пайда болушу |

| | | |
|---|---|---|
| | | жана социалдык ролдор көз жаздымда калып жатат. **Предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди иштеп чыгууда иштеп чыгуучулар эксперттер тарабынан мына ушулар эске алынышы керек.** Китептерде кандай гана согуш окуясы же карама-каршылыктар сүрөттөлбөсүн, алар экономика, саясат же маданият чөйрөсүндөгү өнүгүү менен байланыштуу логикада баяндалуусу зарыл. Ошол эле учурда, өнүгүү процессин баяндоо негизги көңүл чордонуна чыгуусу керек, ал эми согуштарды сүрөттөгөн окуялар зарылчылык болгон учурда гана сүрөттөлүүсү зарыл. Муну менен катар эле, карама-каршылыкка тартылган тараптардын баарынын ролу толугу менен көрсөтүлүшү керек – аялдардын, улгайган адамдардын жана балдардын, алардын согушка байланыштуу колдоосуз калышы, экономиканын төмөндөөсү, түшүмдү жоготуу, ачкачылык ж.б. |

## СҮРӨТТӨР МЕНЕН КОШТОО ҮЧҮН ИНДИКАТОРЛОР

| № | *Индикатору* | *Түшүндүрмөлөрү* |
|---|---|---|
| | **1. Гендердин/жыныстык айырмачылыктын сүрөттөрдө берилиши** | |
| 1.1 | Аял жана эркек жынысындагы каармандардын сүрөттөрү\ (реалдуу жана ойдон чыгарылган) | Окуу китептеринде аял жана эркек каармандардын **сүрөттөрү** саны тең салмактуу түрдө 50% катыштыкта болушу керек |
| | **2. Гендердик мүнөздөмөлөрдүн сүрөттөрдө берилиши** | |
| 2.1 | Активдүүлүк\ пассивдүүлүк | Кааармандардын жүрүм-турумдарын жана сезимдерин сыпаттаган **сүрөттөр** мүнөздүн эркектик (өтмө маанисинде) же аялдык (өтмө маанисинде) белгилери жөнүндө көз караштарга багытталган учурлар аз эмес. Жалпысынан, китептин башынан аягына чейин кыздар ашыкча жумшак жана эмоционалдуу болуп сүрөттөлбөшү керек. **Сунушталуучу тең салмактуулуктар:** психологиялык мүнөздөмөлөрдүн жана жүрүм-турумдук реакциялардын көп түрдүүлүгү адамдын жынысынан эмес, анын инсандыгынан көз каранды экендиги жөнүндө көз караштарды калыптандыруу үчүн ар бир жыныстын өкүлүнүн стереотиптүү эмес жана салттык көз караштагы эмес **сүрөттөр** 50%тен болушу зарыл. |
| 2.2 | Мүнөздүн жумшактыгы \ катуулугу | |
| 2.3 | Эмоционалдуулук \ токтоолук | |
| 2.4 | Акыл эстүүлүк/импульсивдүүлүк | |
| 2.5 | Кылдаттык \ шалаакылык | |
| 2.6 | Тил алчаактык \ өжөрлүк | |
| 2.7 | Жагымдуулук\ жагымсыздык | |
| | | |
| | | |
| | **3. Үй-бүлөдөгү ролдордун жана милдеттердин бөлүштүрүлүшү** | |
| 3.1 | Багуучу \бекерчи | Үй-бүлөлүк ролдорду жана милдеттерди **сүрөттөрдө** дагы 50% катыштыкта сүрөттөө сунушталат, калыптанган салттык эмес үй бүлөлүк ролдорду дагы 50% (үй жумуштарына жардам берген эркектер, аялдардын чечим кабыл алуусу, бири-бирин колдогон, балдарына бирдей мээрим төккөн жубайлар ж.б.) |
| 3.2 | Апа\ ата | |
| 3.3 | Балдарды тарбиялоо | |
| 3.4 | Балдарды багуу | |
| 3.5 | Үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө кам көрүү, багуу | |
| 3.6 | Үй эмгегин аткаруу (тамак даярдоо, үй тазалоо, кир жуу, үтүктөө, ондоп-түзөө, үй жаныбарларын багуу, отун-суу даярдоо, тамак-аш азык-түлүктөрүн жеткирүү, суу ташуу ж.б., огороддо иштөө, тиричилик техникаларын колдонуу жана ондоо ж.б.). | |
| 3.7 | Үй-бүлөдөгү макамы (үйдүн башчысы, чечимдерди кабыл алууга катышуу, кадыр-барк, тейлөөчү ролдор ж.б.). | |

| | | |
|---|---|---|
| **4.** | **Социалдык ролдорду бөлүштүрүү сүрөттөрдө** | |
| 4.1 | Каармандардын кийими стереотиптен алыс болушу керек, ( кыздар бантик,көйнөк кийген, а балдар болсо спорттук кийимде – бул туура эмес), заманбап өзүнө жарашкан кийимдерде берүү | Социалдык түзүмдө кыздарга жана балдарга тандоо жасоонун аз же көп жеткиликтүүлүгүнө ар түрдүү ролдор таңууланып келет – кыздар өздөрүн коргой алышпайт, өздөрүнө лидерлик ролдорду ала алышпайт ж.б.деген. **Сүрөттөрдө ушундай стереотиптер кайталанбоосун так сактоо керек.** Бул балдардын өнүгүүсү үчүн өзгөчө маанилүү, анткени жүрүм-турумдун зомбулук менен байланыштуу делинквенттик жана агрессиялык жүрүм-турумдун формалары «идеалдуу эрдик» образ катары берилген же нормалдашкан учурлар аз эмес. |
| 4.2 | Лидер \ алдыңкы, башчы \ кол алдында иштеген адам | |
| 4.3 | Кылмышкер \ жабырлануучу | |
| 4.4 | Тентек \ «жакшы бала» | |
| **5.** | **Кесиптер же сабактар** | |
| 5.1 | Дене бойлук эмгек/күч келүү менен байланыштуу эмес эмгек | **Сүрөттөрдө ар кыл заманбап кесиптеги, бири бирин колдогон жаштар болсун, кийинкилерге жол берилбеши керек:** Көптөгөн гендердик стереотиптер эмгек рыногундагы жана ар түрдүү кесиптердин жеткиликтүүлүгүнүн дисбалансына алып келүүдө. Окутуу учурунда бул стереотиптер мындайча орун алат: эркек балдардын табилгый илимдерди жана математиканы өздөштүрүүсү колдоого алынат, ал эми кыздар гуманитардык чөйрөлөрдү өздөштүрүүсүнө басым жасашат. Натыйжада, мисалы, кыздарда мейкиндикке багыт алуу жөндөмдөрү начар өнүккөн болот (себеби, бул жаатта такшала билим алышкан эмес), ал эми эркек балдар болсо өз эмоцияларын начар түшүнүшөт жана аларды билдире алышпайт. Кесип тандоодо бул стереотиптер андан ары дагы жолун улоодо, бул болсо жакшы төлөнгөн кесиптердин жеткиликтүү эместигине жана эки жыныстын өкүлүнүн кирешелеринин ар башка болуусуна алып келүүдө. |
| 5.2 | Техникалык /гуманитардык кесиптер | |
| 5.3 | Интеллектуалдык кесиптер/Искусство менен байланыштуу кесиптер | |
| 5.4 | Спорттун эркектер жана аялдар үчүн салттык түрлөрү | |
| 5.5. | Бош убакытты өткөрүү \ эс алуу | **Сүрөттөрдө** эки жыныстын тең өкүлдөрүнүн бош убакытты өткөрүү жана эс алуу мүмкүнчүлүктөрү пайдалуу, бирдей деңгээлде чагылдырылышы керек. |
| **6.** | **Этникалык топтордун репрезентациялары** | |
| 6.1 | Бир этникалык топ жөнүндө эмес, көп түрдүүлүк **сүрөттөлгөн** болушу керек (Көп улуттуу, ынтыкмактуу жарандар, арасында майыптыгы бар адамдар дагы аракеттенип жүрөт | Этникалык көпчүлүктүн өкүлдөрүнүн, аттары, ошондой эле салттуу маданияты менен байланышкан символдору жана буюмдарынын **сүрөттөрү,** мисалы кыргыздардын (боз үй, комуз, калпак ж.б.) китептин жалпы мазмунунда тең салмактуу өлчөмдө болуусу керек 70%, буга салыштырмалуу 30% башка этникалык топторду, алардын маданиятын |

| | | |
|---|---|---|
| | | сүрөттөө, анын ичинде башка өлкөлөрдүн жана дүйнөнүн аймактарынын жашоочуларын сүрөттөө орун алуусу зарыл. |
| 6.3 | Тең укуктуулукту сүрөттөп берүү | Эч бир топ өнүгүү стадиясында башкаларга караганда кыйла «алдыңкы» катары **сүрөттөлүп** берилбеши керек, ошондой эле моралдык жактан кыйла жогорку стандарттарга жана маданий ченемдерге ээ катары **сүрөттөлүп** берилбөөсү зарыл. |
| 6.4 | Маданий өзгөчөлүктөрдү романтизациялабоо жана экзотизациялалоо, тең салмактуулукту сактоо | Этникалык азчылыктардын же башка өлкөлөрдүн жана элдердин өкүлдөрүн, ошондой эле ар башка элдердин салттык маданиятын, жашоо-тиричилигин, символдорун, предметтерин (балалайка, тебетей, селде ж.б.) **сүрөттөрү** ашыкча болбошу керек. Башка топтордун жана маданияттын өкүлдөрү артыкчылыктуу түрдө окшош иштер тиричиликтер менен алектенүүсү жана окшош көйгөйлөрдү чечип жаткан аракеттер сүрөттөлүшү мүмкүн. |
| **7. Аярлуу топтордун репрезентациясы** | | |
| 7.1 | Майыптыгы бар адамдар | Буга чейин майыптыгы бар же болбосо өзгөчө окутууга муктаж балдарга жана/же чоң адамдарга карата коомдогу стереотиптик жүрүм-турумдарды/кырдаалдарды атоо же сүрөттөө орун алып калган. Бул сүрөттөөлөр майыптыгы бар болуунун медициналык моделин чагылдырат, ага ылайык майыптыгы бар адам ар түрдүү параметрлери боюнча ченемдерге шайкеш келбеген катары сүрөттөлөт (мисалы, ден соолугунун абалы боюнча). **Туура болот:** Социалдык модель коомчулуктун жана чөйрөнүн – коомдун бардык мүчөлөрүн камтыган жана ыңгайлуу ролун түшүндүрөт, мындай чөйрөдө майыптыгы бар балдарга/чоң адамдарга жашоодогу активдүү позициясынын болуусуна жардам беришет, колдошот. **Ушундай сүрөттөрдү колдонуу сунушталат.** |
| 7.2 | Жаш курактык иерархиялар | Балдар жана жаш курагы кичинекейлер авторитетке (улуураак балага) баш ийген жана өзүнүн позициясын коргоого мүмкүнчүлүгү жок (эрки жок) катары сүрөттөлгөн учурларга **ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ, булар бири-бирин колдогон, ак ниеттүү достор, теңтуштар, өнөктөштөр катары сүрөттөр берилиши керек.** |
| 7.3 | Улгайган адамдар | **Улгайган адамдардын сүрөттөрү** улгайган **адамдарга салттык түрдө кам көрүп жаткан сүрөттөр** , ошондой эле урмат-сыйга, колдоо көрсөтүүгө татыктуу жана жана коомдун |

| | | |
|---|---|---|
| | | иштөөгө жөндөмдүү, өз өлкөсүнүн өнүгүүсүнө салым кошкон жарандар катары **сүрөттөрү** 50% жана 50% катыштыгында болушу зарыл. |
| 7.4 | Балдар | Балдарды камкордукка алынуучу жана баш ийүүчү объект катары **сүрөттөрү** 15 % ашык болбошу керек. Балдар кандай гана коомдун болбосун активдүү, жоопкерчиликтүү мүчөлөрү, алардын позициясына урматтаган жана сыйлаган мамиле камсыз кылынган, билим алууга умтулган, коомдогу аныкталган позитивдүү, үлгү болуучу милдеттерди аткарууга жөндөмдүү, колдоого алынган, демилгечил, эмгекчилдикке, жаңыны үйрөнүүгө достукту баалого умтулуусу колдоого алынган **жарандар катары сүрөттөр киргизилиши** зарыл. |
| | **8. Басмырлоо жана тең укуксуздук** | |
| 8.1 | Мамлекеттик символиканын, ошондой эле Кыргызстандагы жарандык бүтүндүктүн символикалары жана обьекттериин сүрөттөрү | Көптөгөн окуу китептеринде (өзгөчө башталгыч мектердердин) шаарлардын заманбап пейзаждары, адамдар кесипкөйлүк менен алектенген жерлер, заманбап транспорттордун сүрөттөрү, компьютерлердин индустриалдык пейзаждардын **сүрөттөрү** ж.б. жетишпейт. Үй-бүлөнүн чөйрөсүндөгү жана өзүбүздүн табияттын сүрөттөрү баланын кругозорун өстүргөн **сүрөттөр менен** бирдей санда берилиши керек. **Сүрөттөрдөгү** ар түрдүү жашоо образдары жана кесиптер кыздардын жана балдардын келечекке карата мүмкүнчүлүктөрү кенен экендигин ынандыргандай болушу зарыл, **сүрөттөр** аларды социалдык чектөөлөргө алып келбөөсү зарыл. Сүрөттөрдүн тең салмактуулугу предметтен көз каранды экендиги албетте турган шарт (мисалы, география китебинде жаратылыш пейзаждары ж.б. көбүрөөк болот). |
| 8.2 | Үй-бүлөнүн чөйрөсүндөгү жана жакындары менен табият койнунда пайдалуу убакыт өткөргөн сүрөттөрдүн саны | |
| 8.3 | Коомдук жана кесипкөй мейкиндиктердин сүрөттөрүнүн саны, анын ичинде шаарлардын көчөлөрү, заманбап транспорт каражаттары, заводдордун, лабораториялардын имараттары, талаа жумуштары ж.б. сүрөттөрүнүн саны | |
| 8.4 | Жаратылыш пейзаждарынын сүрөттөрүнүн саны | |
| | **Согуштар, карама-каршылыктар жана массалык зомбулук, эмес, тарыхый процесстердин жаратмандык тарабынын сүрөттөрү**<br>9. | |
| 9.1 | Тарыхый процесстердин жаратмандык тарабынын сүрөттөрү | Тарыхый процесс боюнча **сүрөттөр** согуштардын жана карама-каршылыктардын кезектешип болуп туруусу катары берилиши көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды куралдуу каршылашуу аркылуу чечүүнүн жолу катары нормалдаштырат. **МЫНДАЙ ЫКМА** |

| | | |
|---|---|---|
| | | **ЖОЮУЛУШУ КЕРЕК. Анткени**, муну менен катар эле тарыхый процесстин жаратмандык тарабы боюнча сүрөттөр жок, маданий, техникалык жана илимий жетишкендиктер, тиричиликтеги жана жашоо образындагы өзгөрүүлөр, социалдык ролдорундагы өзгөрүүлөр, жаңы кесиптердин пайда болушу жана социалдык ролдор жөнүндө сүрөттөр көз жаздымда калып жатат. **Предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди иштеп чыгууда иштеп чыгуучулар эксперттер тарабынан мына ушулар эске алынышы керек.** Китептерде кандай гана согуш окуясы же карама-каршылыктар сүрөттөлбөсүн, алар экономика, саясат же маданият чөйрөсүндөгү өнүгүү менен байланыштуу логикада баяндалуусу зарыл. Ошол эле учурда, өнүгүү процессин баяндаган **сүрөттөр** негизги көңүл чордонуна чыгуусу керек, ал эми согуштарды сүрөттөгөн окуялар зарылчылык болгон учурда гана сүрөттөлүүсү зарыл. Муну менен катар эле, карама-каршылыкка тартылган тараптардын баарынын ролун көрсөткөн **сүрөттөр** толугу менен көрсөтүлүшү керек – аялдардын, улгайган адамдардын жана балдардын, алардын согушка байланыштуу колдоосуз калышы, экономиканын төмөндөөсү, түшүмдү жоготуу, ачкачылык ж.б. |

## ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТАРДА ЖАНА ОКУТУУ-УСУЛДАМАЛЫК КОМПЛЕКСТТЕРДЕ БАСМЫРЛООГО ЖОЛ БЕРБӨӨ ҮЧҮН ЭРЕЖЕЛЕР

Эксперттер-авторлор предметтик стандарттарды жана окутуу-усулдамалык комплексттерди (ОУК) гендердик тең укуктуулукту жана социалдык инклюзияны эске алуу менен жазууда сакташы керек болгон негизги принциптер:

| № | Принциптин аталышы | ✅ Кандай болушу керек | ❌ Кандай болбошу керек |
|---|---|---|---|
| 1. | **Бирдей мүмкүнчүлүктөр принциби**<br><br>Бардык окуучулар үчүн жынысынан, социалдык макамынан, дене бойлук мүмкүнчүлүктөрүнөн жана башка факторлорунан көз карандысыз түрдө билим берүүнүн бирдей жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу.<br><br>Тексттерде жана мисалдарда гендердик стереотиптерге жана өз пикирин таңуулоого жол бербөө | Окуу материалдарында ар кыл кесиптердеги ийгиликтүү аялдардын жана эркектердин мисалдары **бирдей** келтирилет, мисалы:<br><br>– ***Дарыгер Айжан Курманова татаал операция жасады,***<br>– ***Инженер Тимур Сарымов жаңы экокологиялык кыймылдаткыч иштеп чыкты.*** | Мисалы:<br>– Бардык окумуштуулар жана инженерлер – эркектер, ал эми бардык медайымдар жана тарбиячылар – аялдар. |
| 2. | **Инклюзивдүүлүк принциби**<br><br>Билим алууга өзгөчө муктаждыгы бар балдарды эске алууну окуу материалдарын, усулдарын, дифференцияланган тапшырмаларды адаптациялоо<br><br>Маалыматты берүүнүн жеткиликтүү тилин жана мультисенсордук усулун колдонуу | Дислексиясы бар балдар үчүн түшүнүүгө ыңгайлуу шрифттер, көрүүсү начар адамдар үчүн контрасттуу түстөр, материалдардын аудиоформаты колдонулат.<br>Мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүү бар балдар аткара алат деген тапшырмалар киргизилет, мисалы:<br><br>• Эгерде сиз Ньютондун мыйзамдарын көрбөгөн адамга түшүндүрүшүңүз | Билим алууга карата өзгөчө муктаждыгы бар балдарды катышуудан четтетип койгон талаптарды колдонууга болбойт, мисалы:<br><br>– ***Тапшырманы татаал схеманы чийип чечкиле (альтернативасы жок).*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | керек болсо, кандайча түшүндүрмөксүз? | |
| 3. | **Нейтралдуулук жана гендердик сезимталдуулук принциби**<br><br>Стереотиптик ролдордон алыс болуу (мисалы, «эркек балдар — күчтүү, кыздар — камкор»- бул стереотип).<br><br>Аялдарды жана эркектерди бирдей жана ар түрдүү социалдык ролдордо берүү керек (мисалы мугалим эркек дагы боло алат, аял дагы, ошондой эле инженер, дарыгер дагы ж.б.). | Эркектер жана аялдар бирдей ролдордо сүрөттөлөт, мисалы:<br><br>– *Асем жана Данияр программалоо менен иштеп жатышат.*<br><br>Мисалдар тең укуктуулукту көрсөтөт:<br>– *Айжан математиканы жакшы көрөт, Ермек болсо искусствого кызыгат.* | Стереотиптүү көз караштарга таптакыр жол берилбейт, мындай мисалдар колдонулбайт, мисалы:<br>– ***Эркек балдар математиканы жакшы билишет»,***<br>– ***Кыздар китеп окуганды көбүрөөк жакшы көрүшөт.*** |
| 4. | **Маданий жана социалдык көп түрдүүлүктү сыйлоо принциби**<br><br>Ар түрдүү этникалык, маданий жана социалдык топтор мисалдарда дагы, сүрөттөрдө дагы берилиши керек<br><br>Көп түрдүүлүк жана бири-бирин сыйлоо баалуулуктары баса белгиленет | Окуу китептеринде ар түрдүү этникалык топтордун өкүлдөрү көрсөтүлөт, мисалы:<br>– *Бакытовдордун үй-бүлөсү Ноорузду белгилеп жатышат, а Ивановдордуку Рождество майрамын белгилешти.*<br>– *Алия шаардык мектепте окуйт, анын досу Бекзат айылда окуйт. Алар илимий долбоорго чогуу катышып жатышат.* | Болгону бир гана маданиятка багытталууга болбойт, мисалы:<br>– ***Бардык балдар Жаңы жылды 1-январда тосушат».*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | **Басмырлабоо принциби**<br><br>Бир топтун экинчи топтун үстүнөн үстөмдүк кылуусун, өз пикирин, көз карашын таңуулаган көз караштарды четтетүү, жол бербөө.<br><br>Адам укуктарын жана басмырлоо менен күрөшүүнү, тең укуктуулук түшүнүктөрүн түшүндүрүү. | Басмырлоо менен күрөшүүнүн мисалдарын берүү мисалы:<br>– ***Мария айланасындагылардын каршы чыгуусуна карабастан, университетте окуу укугуна жетишти.***<br><br>Тапшырмаларга адам укуктарын түшүнүүнү, урматтоону киргизүү, мисалы:<br>– ***Ойлонуп көрсөңөр, мектептеги басмырлону токтотууга кандай чаралар жардам берет?*** | Бир топтун үстөмдүгүнөн белги берген көз караш, пикирлерге таптакыр жол берилбейт, мисалы:<br>– ***Аялдар бизнесте ийгиликке азыраак жетишет.*** |
| 6. | **Баарын катыштыруу принциби**<br><br>Бардык окуучуларды алардын жынысынан, дене бойлук мүмкүнчүлүктөрүнөн же социалдык тиешелүүлүгүнөн көз карандысыз түрдө талкууларга, долбоорлорго, командалык иштерге катыштыруу.<br><br>Окуучуларда социалдык адилеттүүлүк, гендердик тең укуктуулук жана инклюзия суроолорунда сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруу | Топтук долбоорлор бардык катышуучулардын ой пикирлерин эске ала тургандай түзүлөт, мисалы:<br>– *Топтун ар бир мүчөсү маанилүү роль ойногон биргелешкен долбоор иштеп чыккыла».*<br>Талкуулоо үчүн суроолор, мисалы:<br>– *Силер кандай деп ойлойсуңар, саясатта аялдар дагы жана эркектер дагы бирдей катышуусу эмне үчүн маанилүү?* | Окуучулардын баардыгынын катышуусуна кайдыгер мамиле кылуу, мисалы:<br><br>– *Топтун лидерин тандагыла (көп учурда эркек баланы тандашат).* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7. | **Тил каражаттарынын тууралыгы принциби**<br><br>Тексттерде инклюзивдүү жана гендердик жактан сезимтал тилди колдонуу.<br><br>Басмырлоочу же шылдыңдоочу сөздөрдөн, билдирүүлөрдөн алыс болуу. | Гендердик жактан нейтралдуу тил колдонулат, мисалы:<br>– *«Эркек мугалимдер»* дегендин ордуна *«Адистер, окуучулар, мугалимдер»*.<br>Урмат-сый менен мамиле жасоонун мисалдары киргизилген, мисалы:<br>– *Сүйлөшүп жаткан адамга урмат-сыйга татыктуу мамиле кылгыла.* | Гендердик жактан туура эмес сүйлөмдөргө жол берилбейт, мисалы:<br>– ***Мугалим өз окуучуларына айтты…» (Мугалим эжей/агай өз окуучуларына айтты деп алмаштырса болот).*** |

***№1 Тиркеме***

***Майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенишүүнүн өзгөчөлүктөрү***

| Бузулуунун түрлөрү | Ылайыктуу суроолор/жооптор |
|---|---|
| Таяныч кыймыл аппаратынын мүмкүнчүлүктөрү чектелген учурда | - Сүйлөшүп жаткан учурда майыптыгы бар адам менен бирдей деңгээлде олтургула, мисалы, коляскадагы адамды башын нары-бери бурдуруп убара кылбоо үчүн жанына үстөл коюп олтургула.<br>- Уруксаты жок балдактарды, таяктарды, ичке таяктарды же майыптар үчүн креслону нары-бери жылдырбагыла.<br>- Майыптар үчүн араба (коляска) – бул адамдын кол тийбес жеке чектеринин бир бөлүгү. Арабага (коляскага) жөлөнбөгүлө. Арабаны нары-бери жылдырууга жардам берүүдөн мурун, жардам керекпи деп сунуш кылуу зарыл. |
| Угууга тиешелүү көйгөйлөр | - Өзүңөрдүн райондогу сурдокотормочулардын тизмеси силерде бар болсун.<br>- Угуусу начар адамга ыңгайлуу болгондой жайгашуу зарыл, мисалы, жеке угууну күчтөндүрүүчү каражат тарабынан.<br>- Сүйлөшүүнүн башында кызмат көрсөтүүлөрдүн угуусу начар колдонуучусу силерге көңүл буруп жатабы карап көңүл буруп койгула.<br>- Эгер кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу силердин жүзүңөр тарапты карабаса, өтө кылдаттык менен анын ийинине колуңарды койгула.<br>- Кыйкырбагыла жана үнүңөрдү бийик чыгарбагыла. Кызмат көрсөтүүнү колдонуучусуна түз карагыла жана оозуңарды колуңар менен жаппагыла. Силерди түшүнүп жатабы көңүл буруп койгула.<br>- Адам үчүн ыңгайлуу сүйлөшүүнүн жолун болушунча тезирээк аныктагыла жана белгилегиле.<br>- Кыска жана жөнөкөй фразаларды колдонгула, сүйлөп жатканда атайын терминдерди жана сүйлөмдөрдөгү татаал конструкцияларды колдонбогула.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу эриндериңер аркылуу окуй алгыдай кылып, жай жана так сүйлөгүлө. |
| Көрүүгө тиешелүү көйгөйлөр | - Көзү азиз адамга сөзсүз түрдө өзүңөрдүн аты-жөнүңөрдү айтышыңар зарыл, сүйлөшүүгө катыша турган башка адамдарды, ошондой эле ал жерде турган башка адамдарды дагы тааныштыруу керек (зарылчылык бар болсо, бир гана аттарын атап койбостон, алардын иштеген кызматтарын дагы айтуу зарыл).<br>- Көзү азиз адамга олтурууну сунуштаганда, аны колунан кармап, олтургучтун жөлөнгүчүнө же чыканагынан жөлөп олтурууга жардам берүү зарыл.<br>- Сүйлөшүп жатканда коштоп келген адамга эмес, кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун өзүнө карап кайрылгыла. Эгер сүйлөшүүгө бир нече адам катышып жатса, азыр кимге кайрылып жатканыңарды улам тактап турганды жана өзүңөрдүн атыңарды атап турганды унутпагыла. |

| | |
|---|---|
| | - Эскертүүсүз адамга жакындабагыла.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу сизди таптакыр көргөн жок деп ойлобоңуз.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун таягын же нары-бери жүрүүнүн башка каражатын алып салбагыла.<br>- Зарыл маалыматты даярдап койгула, мисалы чоң тамгалар менен басылып чыгарылган, аудиоформаттагы же Брайля форматындагы укуктар жана жардам берүү кызматтары жөнүндө маалыматтарды.<br>- Зарылчылык бар болсо, көзү азиз адамга бир нерсени окуп берүү, үндүн бийиктигин нормалдуу кылып сүйлөө жана маалыматты коё бербөө зарыл. |
| Сүйлөөгө тиешелүү көйгөйлөр | - Эгер адамда сүйлөөгө байланыштуу көйгөйлөр бар болсо, бул анын угуусунда дагы көйгөйлөр бар дегенди түшүндүрбөйт.<br>- Сүйлөөдө кыйынчылыктарды сезген адамдын сөзүн бөлбөө жана оңдобоо керек.<br>- Шаштырбагыла, адамга өзүнүн көйгөйүн түшүндүрүү үчүн канча убакыт зарыл болсо, ошончо убакыт бергиле.<br>- Ал өз оюн толук айтып бүткөндөн кийин гана сүйлөп баштагыла.<br>- Эгер силер бир нерсени түшүнбөй калсаңар, ал адамдан кайра кайталап коюусун сурангыла.<br>- Суроолорду кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу «ооба» же «жок» деп жооп бере тургандай кылып түзгүлө.<br>- Тилдик коммуникацияда олуттуу тоскоолдуктар бар болсо, маалымат алмашуунун альтернативдүү жолун кылдаттык менен сунуштагыла, мисалы, жазышууну. |
| Интеллектуалдык мүчүлүштүктөр | - Когнитивдик (интеллектуалдык) мүчүлүштүктөрү бар адам менен өз ара аракеттенишүүдө визуалдык байланышууну колдонуу аркылуу анын жүзүнө кароо зарыл. Муну менен катар эгерде ага жагымсыз болуп жатса, көзмө көз байланышууну сактоону сурануу сунушталбайт.<br>- Интеллектуалдык мүчүлүштүктөрү бар адамдын катышуусундагы сүйлөшүүдө ал жөнүндө үчүнчү тарапка эч нерсе деп айтууга, анын ичинде ал башка адамдардын ортосундагы сүйлөшүүнү түшүнбөгөндүгү жөнүндө эскертүүгө жол берилбейт.<br>- Жөнөкөй сөздөрдү жана кыска сүйлөмдөрдү колдонгула.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу жеңил түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн сүйлөшүүнүн ар түрдүү куралдарын колдонуп маанилүү маалыматты жана нускамаларды кайталагыла (мисалы, анатомиялык моделдерди же куурчактарды);<br>- Эсиңерден чыгарбагыла, интеллектуалдык өнүгүүсүндө мүчүлүштүктөрү бар, бирок кыймыл-аракетинин жөндөмдүүлүгү сакталган адамдар өздөрү аң-сезимдүү тандоо жасоого укуктуу: жардамды кабыл алуу керекпи же жокпу, кандайдыр бир кызмат көрсөтүүдөн колдонууга |

| | |
|---|---|
| | макулдук берүү керекпи, башка чечимдерди кабыл алууда, ошондой эле зарыл документтерге кол коюуда.<br>- Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусуна кошумча суроолор пайда болуп калган учурда байланышуу үчүн телефон номурду таштагыла же кызмат көрсөтүүнүн жеткирүүчүсүнө кайрадан кайрылуунун жолун айтып койгула.<br>- Чыдамкайлыкты, кылдаттыкты, сүйлөшүп жаткан адамга кылдат мамиле кылып жатканыңарды көрсөтүүңөр керек, бардык зарыл темаларды талкуулап, жана дагы билип туруп анын мүмкүнчүлүктөрүн же кадыр-баркын төмөндөтүүгө аракет кылбагыла, бой көтөрүп сүйлөбөгүлө, сөздү кесе сүйлөгөнгө негиз бар болсо дагы буга жол бербегиле. |

***Майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнү жакшыртууга жардам бере турган түздөөчү терминдер***

| Туура эмес термин | Туура термин |
|---|---|
| Майып | майыптыгы бар эркек адам;<br>майыптыгы бар аял;<br>майыптыгы бар адамдар. |
| БЦШ адам;<br>БЦШ менен ооруган адам | БЦШ бар адам |
| Даун;<br>Даун оорусу менен ооруган адам | Даун синдрому менен жашаган адам;<br>Даун синдрому бар адам;<br>Өнүгүүсү өзгөчө адамдар |
| Дүлөй-дудуктар | Угуусу начар адамдар; угуусун жоготкон адамдар |
| Арабада (колякскада) олтургандар | Араба колдонуучу; арабадагы адам |